**Каракол шаарында 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө, аткарылышына жана ишине өткөрүлгөн шайкештик аудит жөнүндө**
# ОТЧЁТ.

**Аудитти жүргүзүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн 2024-жылга аудитордук иш планы.

**Аудиттин максаты:** жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө, аткарылышына жана ишине шайкештик аудит жүргүзүү.

**Аудит камтыган мезгил аралыгы:** 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгы.

**Аудит объектилери:** Каракол шаардык мэриясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Каракол башкармалыгы, Каракол шаардык Кеңеши, Каракол шаардык мэриясынын алдындагы жергиликтүү салыктарды чогултуу боюнча муниципалдык бөлүмү, Каракол шаарынын мэриясынын Муниципалдык аймактык башкармалыгы, Каракол шаарынын муниципалдык мүлк башкармалыгы, Каракол шаардык билим берүү бөлүмү, Каракол шаардык маданият бөлүмү, Каракол шаарынын жаштар иштери, дене тарбия жана спорт бөлүмү, Каракол шаарынын дене-тарбия жана спорт ордосу, Каракол шаардык олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар жана өспүрүмдөр мектеби, Каракол шаардык балдар жана өспүрүмдөр спорт мектеби, “Каракол көрктөндүрүү, санитардык тазалоо комбинаты” муниципалдык ишканасы, Каракол шаардык “Жашылдандыруу чарбасы” муниципалдык ишканасы, Каракол шаардык «Водоканал» муниципалдык ишканасы, Караколдогу муниципалдык жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазасы, Каракол шаардык жол чарба муниципалдык ишканасы.

**Жооптуу тарап**

Каракол шаардык мэриясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Каракол башкармалыгы, Каракол шаарындагы жогоруда аталган мекемелери бул аудиттин жооптуу тарабы болуп саналат.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Жогорудагы аталган тараптардын жалпы милдетине мамлекеттик каражаттардын тескелиши жана мыйзамдуу орган тарабынан ыйгарым укуктарды жүргүзүү кирет, ошондой эле ушул аудиттин предметине жооптуу болушат.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде шайкештик аудиттин предмети жана аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол–жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп божомолдойбуз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары–ЧУА) талаптарына шайкеш келиши болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыттын ичинде аудитке киргизилген суроолор:

- бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына аудит;
- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнүн негиздүүлүгүнө аудит;
- атайын эсептердин каражаттарын пайдалануусунун жана кирешелерди алуусунун негиздүүлүгүнө аудит;
- эмгек акыларынын чыгымдары боюнча аудит;
- командировкалык чыгымдарга аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын сактоосуна аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышына аудит;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдардын лимиттеринин сакталышы;
- подотчеттук жактардын эсептешүүлөрүнө аудит;
- арендалык мамилелерге аудит;
- капиталдык жана утурумдук оңдоо чыгымдарына аудит.

**Аудит критерийлери**

Критерий деп, бюджеттик каражаттарды мыйзамга ылайык пайдаланылышынын шайкештигин баалоо эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому (КР Министрлер Кабинетинин 29.08.2022-ж. №474 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);
- Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-мартындагы №207 “Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына

проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу” токтому (КР Министрлер Кабинетинин 02.05.2023-ж. №238 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо” (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.07.23-ж. №2-Б жана 22.01.2024-ж. №1-Б буйругуна ылайык күчүн жоготкон);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө жобосу”;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралу” токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, ошондой эле, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөр жана INTOSAIнин негиз салуучу принциптерине ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн иш кагаздарынын, материалдарынын жана маалыматтарынын негизинде жүргүзүлдү.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, аудитке көрсөтүлгөн бухгалтердик иш кагаздардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн иш кагаздарды көрсөткөн кызмат адамдары жоопкер болушат.

Аудит үчүн келишимдерди бурмалоо тобокелдигине же финансылык отчеттуулуктагы калдыктарды баалоо максатында өлчөмү боюнча негиздүү босоголук маанидеги эсептешүүлөргө №3 Форма пайдаланылды.

**Корутунду**

Аудитте, Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын иш-аракеттери төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келээри аныкталды: Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Каракол башкармалыгында (аудит маминспектор Р.С. Иманбаев тарабынан өткөрүлгөн), Зордук-зомбулуктан жана ырайымсыз мамиледен жабыр тарткан балдарга жардам берүү борборунда (аудит маминспектор М.Б. Аитов тарабынан өткөрүлгөн), Каракол шаарынын мэриясынын Муниципалдык аймактык башкармалыгында (аудит маминспектор М.Б. Аитов тарабынан өткөрүлгөн), Каракол шаардык олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар жана өспүрүмдөр мектебинде (аудит маминспектор С.Б. Жумадылов тарабынан өткөрүлгөн), Каракол шаардык балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде (аудит маминспектор С.Б. Жумадылов тарабынан өткөрүлгөн).

АУДИТТЕ АНЫКТАЛДЫ:

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен табылган баардык финансылык бузуулардын жалпы суммасы **55929,5 миң сомду** түзгөн, анын ичинде **47913,7 миң сому** калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени **19681,8 миң сом.** Анын ичинен:

- **Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге которулбаган каражаттар** (2103) **1089,7 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени **706,3 миң сом.** Анын ичинде:

- бюджетке мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү тескөөдөн, мамлекеттик (муниципалдык) мүлктү пайдалануудан алынган каражаттарды, ошондой эле акы төлөнүүчү мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүлөрдөн алынган кирешелерди которбоо (өз убагында же толук эмес которуу 210301) 520,7 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени 137,3 миң сом;

- бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү 210305) 569,0 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени 569,0 миң сом;

- **Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тутумдун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануу** (2301) **190,7 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиштүүсү 68,0 миң сом**.** Анын ичинде:

- бюджеттик смета менен каралбаган чыгымдарды төлөө боюнча бюджеттик каражаттарды пайдалануу (230101) 68,0 миң сом**,** калыбына келтирүүгө тийиш**;**

- бөлүү шарттары менен каралбаган максаттарга резервдик фонддун каражаттарын пайдалануу (230106) 122,7 миң сом;

- **капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюджеттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар** (2302) **28540,6 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени **3545,5 миң сом;**

- **милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар** (2303) **128,9 миң сом.** Анын ичинде:

- кызматкерлердин эмгегине төлөө жана акчалай түрдөгү жана башка төлөмдөр боюнча ченемден ашык чыгымдар (230303) 128,9 миң сом;

- **Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттин аткарылышындагы башка кемчиликтер жана бузуулар** (2401) **1441,3 миң сом;**

- **мүлктү сактоонун камсыздалбашы** (3101) **5976,6 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени **3396,3 миң сом.** Анын ичинде:

- негизги каражаттарды кириштөө тартибин бузуу, негизги каражаттардын эскиришин жана материалдык эмес активдерди эсептөөдөгү бузуулар. Белгиленген тартипте эсепке алынбаган, кириштелбеген мамлекеттик мүлктүн болушу (310104) 3396,3 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилген**;**

- мүлктөрдүн жана акча каражаттарынын жетпей калуусу (310105) 2580,3 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш**;**

- **мүлктү пайдалануудагы башка бузуулар** (3103) **274,5 миң сом;**

- **бухгалтердик эсеп жөнүндө ченемдик укуктук актыларын бузуулар** (4102) **7190,7 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиштүүсү 1142,3 миң сом, калыбына келтирилгени 937,2 миң сом. Анын ичинде:

- бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө подотчетко аванс берүүдөгү бузуулар (410204) 341,9 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени 169,0 миң сом;

- эмгек акылары, сапар чыгымдары, жөлөкпул, компенсация төлөөгө байланыштуу бузуулар (410205) 6100,7 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиштүүсү 52,3 миң сом, калыбына келтирилгени 20,1 миң сом;

- эсептен дебитордук карыздар боюнча бузуулар (410215) 582,3 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилген;

- эсептен кредитордук карыздар боюнча бузуулар (410216) 165,8 миң сом, калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилген.

- **Отчеттуулуктун жана эсептин тартиптеринин жана башка бузуулары** (4103) **11096,5 миң сом,** калыбына келтирүүгө тийиш, калыбына келтирилгени 11096,5 миң сом.

**- Мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар** (5101) **1213,7 миң сом.** Анын ичинде:

- мыйзамдын талаптарына ылайык конкурс өткөрүлбөстөн (товарлар, жумуштар жана кызматтар) сатып алуулар **(**510103) 1213,7 миң сом.

- башка мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар (510114) 1213,7 миң сом.

Мындан тышкары, 11 (он бир) башка жол-жоболук бузуулар жана 2 (эки) мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка бузуулар аныкталган.

## 2022-2023-жылдар үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы.

2022-жылга Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү боюнча план 325198,3 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык кирешелер боюнча 297863,0 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 27335,3 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү боюнча такталган план 1241431,0 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык кирешелер 323830,2 миң сом, салыктык эмес кирешелер атайын каражаттар менен бирге 19834,7 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 897766,1 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 385857,5 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктык кирешелердин келип түшүүсү 362958,6 миң сом, 39128,4 миң сомго ашык аткарылган же 112,1 %, салыктык эмес кирешелердин келип түшүүлөрү атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 22898,9 миң сом, 3064,2 миң сомго ашык

аткарылган же 115,4%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 631597,6 миң сом же 70,4% .

Ошону менен бирге, 2022-жылга салыктык кирешелер төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча аткарылган эмес: милдеттүү түрдө патенттин негизинде салыгы 84,2 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 414,7 миң сомду түзүп, планда 492,4 миң сом көрсөтүлгөн; ыктыярдуу түрдө патенттин негизинде салыгы 51,0 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 10969,4 миң сомду түзүп, планда 21500,0 миң сом көрсөтүлгөн; кыймылсыз мүлккө салыгы (III-топтогу) 37,3 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 270,3 миң сомду түзүп, планда 725,0 миң сом көрсөтүлгөн.

*2022-жылга карата* жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 75,5% аткарылган же планда такталган сумма 1276787,3 миң сом, кассалык чыгымдар 964353,7 миң сом. Анын ичинен: *"Мамлекеттик кызмат көрсөтүү"* бөлүгү боюнча планда 59995,6 миң сом, кассалык чыгымдар 55566,5 миң сомго аткарылган (92,6%), *"Экономикалык маселелер"* бөлүгү боюнча планда 489784,0 миң сом, кассалык чыгымдар 479257,9 миң сомго аткарылган (97,9%), *"Эс алуу, маданият жана дин"* бөлүгү боюнча планда 39670,8 миң сом, кассалык чыгымдар 38043,5 миң сомго аткарылган (95,9%), *"Билим берүү"* бөлүгү боюнча планда 70741,4 миң сом, кассалык чыгымдар 59203,1 миң сомго (83,7%), *"Коргоо"* бөлүгү боюнча планда 478,3 миң сом, кассалык чыгымдар 454,0 миң сомго аткарылган (94,9%), *"Турак-жай жана коммуналдык кызматтар"* бөлүгү боюнча планда 611824,1 миң сом, кассалык чыгымдар 327863,4 миң сомго аткарылган (53,6%), *"Социалдык коргоо"* бөлүгү боюнча планда 4293,1 миң сом, кассалык чыгымдар 3965,3 миң сомго аткарылган (92,4%).

2023-жылга карата бекитилген Каракол шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү боюнча план 426250,0 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык кирешелер боюнча пландалган сумма 403215,3 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 23034,7 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча 1133368,1 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык кирешелер 373711,3 миң сом, салыктык эмес кирешелер 25266,1 миң сом, өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 734390,7 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 96,8% аткарылган. Киреше бөлүгүнүн аныгында аткарылышы 1096869,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктык кирешелердин келип түшүүсү 389330,6 миң сом, 15619,3 миң сомго ашык аткарылган же 104,2 %, салыктык эмес кирешелерден келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 28005,7 миң сом, 2739,6 миң сомго ашык аткарылган, же 110,8 %, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 679533,1 миң сомго аткарылган же 92,5%.

2023-жылга салыктык жана салыктык эмес кирешелер төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча аткарылган эмес: киреше жана пайда салыгы 99,8 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 287908,1 миң сомду түзүп, планда 288578,2 миң сом көрсөтүлгөн; салыктык агент тарабынан төлөнүүчү киреше салыгы 96,8 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 279316,9 миң сомду түзүп, планда 288578,2 миң сом көрсөтүлгөн; ижара акылары 91,8 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 6461,2 миң сомду түзүп, планда 7034,7 миң сом көрсөтүлгөн; табигый ресурстарын пайдаланууга төлөм 92,0 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 6161,2 миң сомду түзүп, планда 6700,0 миң сом көрсөтүлгөн; калктуу конуштун жерлерине ижара 80,0 % аткарылган, аныгында келип түшүүсү 5362,5 миң сомду түзүп, планда 6700,0 миң

сом көрсөтүлгөн; мүлктүн ижарасына төлөмдөр 89,6 % аткарылган, анызында келип түшүүсү 300,0 миң сомду түзүп, планда 334,7 миң сом көрсөтүлгөн.

2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 94,4% аткарылган же планда такталган сумма 1199367,8 миң сом, кассалык чыгымдар 1131731,4 миң сом. Анын ичинен: "Мамлекеттик кызмат көрсөтүү" бөлүгү боюнча планда 77249,6 миң сом, кассалык чыгымдар 76369,1 миң сомго аткарылган (98,9%), "Экономикалык маселелер" бөлүгү боюнча планда 489657,1 миң сом, кассалык чыгымдар 487388,6 миң сомго аткарылган (99,5%), "Эс алуу, маданият жана дин" бөлүгү боюнча планда 51689,1 миң сом, кассалык чыгымдар 49882,0 миң сомго аткарылган ( 96,5%), "Билим берүү" бөлүгү боюнча планда 92000,1 миң сом, кассалык чыгымдар 84542,2 миң сомго (91,9%), "Коргоо" бөлүгү боюнча планда 571,9 миң сом, кассалык чыгымдар 489,8 миң сомго аткарылган (85,6%), "Турак-жай жана коммуналдык кызматтар" бөлүгү боюнча планда 481614,8 миң сом, кассалык чыгымдар 426932,7 миң сомго аткарылган (88,6%), "Социалдык коргоо" бөлүгү боюнча планда 6585,2 миң сом, кассалык чыгымдар 6127,0 миң сомго аткарылган (93,0%).

**Каракол шаардык мэриясы**

*(Биринчи вице-мэри Н. Турсунбеков, башкы эсепчиси М. Жумадылова)*

2022-жылга чыгымдар сметасы 34167,8 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 45610,4 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 42434,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 36822,1 миң сомду түзгөн.

2023-жылга чыгымдар сметасы 42669,6 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 56808,5 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 56038,9 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 53330,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаардык мэриясынын 2022-жылдын 23-июнундагы №314 тескемесинин негизинде КМШ мамлекеттеринин китепканаларынын Эл аралык конференциясын уюштурууга бекитилген сметанын негизинде Каракол шаардык муниципалдык жүргүнчүлөр автобазасына иш чарага тиешелүү жүргүнчүлөрдү ташуу максатында күйүүчү май үчүн 116,2 миң сом бөлүнүп берилген. 2022-жылдын 5-августундагы тапшырылган отчетторунун негизинде Каракол шаардык муниципалдык жүргүнчүлөр автобазасы тарабынан күйүүчү майга 48,2 миң сом сарпталган, ал эми, калган **68,0 миң сомун** сметада каралбаган тамак-аш үчүн тастыктоочу иш кагаздары жок, КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун 106-пунктунун талаптарын бузууга жол берилип, негизсиз чыгышталган.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптары так сакталсын, жоопту адамдар тарабынан негизсиз тастыктоочу иш кагаздары жок чыгышталган **68,0 миң сом** калыбына келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаардык мэриясы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-беренесинин 4-пунктунда «муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сыйакы берүүгө резервдик фонддордун каражаттарынан пайдаланууга жол берилбейт» деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, Каракол шаардык мэриясынын 2023-

жылдын 10-апрелиндеги №207 тескемесинин негизинде Каракол шаардык сотунун 2021-жылдын 24-февралындагы чечимин ишке ашыруу максатында, аргасыз бош жүргөн күндөрү үчүн резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен Каракол шаарынын мурдагы вице-мэри С.Өскөмбаевке **122,7 миң сом** өлчөмүндөгү жөлөкпул (компенсация) төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин талаптары так сакталсын, резервдик фонддун каражаттары максаттуу пайдаланылсын. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамынын 26-беренесинин 4-пунктунун талаптарына ылайык, зыяндын ордун толтурган мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюу боюнча чараларды көрүшсүн.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **1239,0 миң сомду** түзүп, аудит учурунда **396,8 миң сому** калыбына келтирилди. Анын ичинен *дем берүүчү гранттын каражаттарынын эсебинен (жалпы 1198,2 мин сом, калыбына келтирилгени 396,8 миң сом):*

- подрядчы "Пегас-сервис Компани" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №2 бала бакчасынын терезелерин алмаштыруу жана брусчатка төшөөдө" *13,5 миң сомго* жана "Каракол шаарындагы №13 бала бакчасынын терезелерин жана эшиктерин алмаштырууда" *20,6 миң сомго;*

- подрядчы "Азия Эсклюзив КейДжи" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №9 бала бакчасынын башкы корпусунун чатырын жана жер төлөсүн капиталдык оңдоо, электр зымдарын алмаштырууда" *49,7 миң сомго* жогорулатылган жана 2 % сатуудан алынуучу салыгы *46,0 миң сомго* ашык алынган;

- подрядчы "Инвест Партнер Групп" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №7 мектебинин сырткы келбетин, терезелерин жана тосмосун оңдоодо" *400,1 миң сомго;*

- подрядчы "Сафорт Групп" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №10 бала бакчасынын электр зымдарын алмаштырууда жана кабинеттерин капиталдык оңдоодо" *98,0 миң сомго* бирдиктүү салыгы ашык алынган;

- подрядчы "Эрбол Строй Сервис" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №9 мектебинин сырткы келбетин оңдоодо, тосмо орнотууда жана айланасын жакшыртууда" *458,6 миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү салыгы *111,7 миң сомго* ашык алынган (кошумча аткарылган жумуштардын эсебинен калыбына келтирилди 570,3-396,8=173,5);

- подрядчы"МК Строй плюс" ЖЧКсынын "Мэриянын имаратына утурумдук оңдоо иштерин жүргүзүү" объектиси боюнча кошумча нарк салыгын төлөөчү болуп катталбагандыгына карабастан, (КР Салык кодексинин 253-255-беренелеринин талаптарын бузууга жол берилген) *40,8 миң сом* кошумча нарк салыгы ашык эсептелинип төлөнгөн.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен (жалпы 842,2 миң сом) жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин: *дем берүүчү гранттын каражаттарынын эсебинен:*

- подрядчы "Пегас-сервис Компани" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №2 бала бакчасынын терезелерин алмаштыруу жана брусчатка төшөөдө" *13,5 миң сом* жана "Каракол шаарындагы №13 бала бакчасынын терезелерин жана эшиктерин алмаштырууда" *20,6 миң сом;*

- подрядчы "Азия Эсклюзив КейДжи" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы №9 бала бакчасынын башкы корпусунун чатырын жана жер төлөсүн капиталдык

оңдоо, электр зымдарын алмаштырууда” *49,7 миң сом* жана ашык алынган 2 % сатуудан алынуучу салык *46,0 миң сом*;

- подрядчы “Инвест Партнер Групп” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы №7 мектебинин сырткы келбетин, терезелерин жана тосмосун оңдоодо” *400,1 миң сом;*

- подрядчы “Сафорт Групп” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы №10 бала бакчасынын электр зымдарын алмаштырууда жана кабинеттерин капиталдык оңдоодо” ашык алынган *98,0 миң сом* бирдиктүү салыгы*;*

- подрядчы “Эрбол Строй Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы №9 мектебинин сырткы келбетин оңдоодо, тосмо орнотууда жана айланасын жакшыртууда” *173,5 миң сом* (396,8 миң сомдук кошумча аткарылган жумуштардын эсебинен калыбына келтирилгендиги эске алынсын 570,3-396,8=173,5);

- подрядчы “МК Строй плюс” ЖЧКсы тарабынан 40,8 миң сом кошумча нарк салыгы (фин).

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Мэрия тарабынан 22154100 «өкүлчүлүк чыгымдары» беренесинен чет элдик делегацияларды тосуу максатында төмөндөгүдөй чыгымдар жүргүзүлгөн: 2023-жылдын 1-июнунан 3-июнуна чейин Туркия мамлекетинин «Маариф» түрк Фондунун өкүлү жетектеген 8 адамды түзгөн делегациясына өкүлчүлүк чыгымы 491,5 миң сомду түзгөн; 2023-жылдын 14-сентябрынан 18-сентябрына чейин Италия мамлекетинин Кальяри шаарынан келген, 6 адамды түзгөн делегациясына өкүлчүлүк чыгымы 641,0 миң сомду түзгөн. Ошону менен бирге, КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун 120-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, Каракол шаардык мэриясы өкүлчүлүк чыгымдарын жүргүзүүдө делегациянын курамына кирген расмий адамдардын, иш-чарага катышкан кызмат адамдарынын, иш-чараны өткөрүүгө жооптуу адамдардын *тизмелери* жетекчилик тарабынан бекитилген эмес, айрым учурларда жобонун талаптары боюнча өкүлчүлүк *чыгымдарына кирбеген* иш чараларга акча каражаты сарпталган, келген делегациянын курамы 6-8 адамды түзсө, аткарылган иштерди кабыл алуу актысынын негизинде тамактанган адамдардын саны айрым учурда 20 же 60 адамды түзгөн. Жыйынтыгында, 2023-жылдын 1-июнунан 3-июнуна чейин Туркия мамлекетинин «Маариф» түрк Фондунун өкүлү жетектеген 8 адамды түзгөн делегациясын тосууда 70,0 миң сомго, 2023-жылдын 14-сентябрынан 18-сентябрына чейин Италия мамлекетинин Кальяри шаарынан келген, 6 адамды түзгөн делегациясын тосууда 74,0 миң сомго жалпы **144,0 миң сомго** өкүлчүлүк чыгымдары жогорулатылып, натыйжасыз сарпталган.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары так сакталсын, өкүлчүлүк чыгымдарын натыйжасыз чыгымдоого жол берилбесин. Жалпы суммасы 144,0 миң сомго өкүлчүлүк чыгымдарын натыйжасыз чыгымдоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик мүлктү чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, акысыз убактылуу пайдаланууга берүү тартиби жөнүндө жобосунун” 8-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, “Мамлекеттик бюджеттен толук каржыланган мамлекеттик мекемелер жана ишканалар убактылуу акысыз пайдалануу шартында мамлекеттик административдик имараттарга жана жайларга жайгаштырылат, ушул имаратты (жайды) кармоо боюнча эксплуатациялык сарптоолорго жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө акы төлөнөт” деп белгиленген. Бирок, мэриянын имаратынын 2-

кабатындагы 2-кабинетинде Ысык-Көл облустук мамлекеттик статистика башкармалыгынын Каракол шаары боюнча бөлүмү жайгашат, алардын коммуналдык чыгымдары жергиликтүү бюджеттен каржыланган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 24-сентябрындагы №183 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик мүлктү ижарага берүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптары так сакталсын. Аудит камтыган мезгил аралыгындагы коммуналдык чыгымдардын каражаттарын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Р.С. Иманбаев, Б.К. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

### Каракол шаардык Кеңеши

(*Төрагасы Т. Акимканов, башкы эсепчиси М. Жумадылова*)

2022-жылга чыгымдар сметасы 4013,4 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 5303,0 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 4965,7 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 4921,7 миң сомду түзгөн.

2023-жылга чыгымдар сметасы 7865,0 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 7993,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 7857,8 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 7708,1 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун 120-пунктунда көрсөтүлгөн өкүлчүлүк чыгымдарына депутаттар арасында кичи-футбол кубогун өткөрүү кирбейт. Бирок, Каракол шаардык Кеңеши тарабынан 2023-жылдын 31-июлунда Кыргыз Республикасынын шаардык кеңештеринин депутаттарынын арасында кичи-футбол уюштуруу жана келген конокторду тосуу кызматына **798,5 миң сом** шаардык Кеңешинин бюджетинин өкүлчүлүк чыгымдар беренесинен натыйжасыз сарпталган.

Жогорудагы аталган Жобого ылайык, мекеменин жетекчиси тарабынан иш-чарага катышкан кызмат адамдарынын жана иш-чараны өткөрүүгө жооптуу адамдардын тизмеси бекитилген эмес. Берилген маалыматтарга ылайык, келген коноктор 136 адамды түзсө Каракол шаарынан катышкандар 64 адамды түзгөн.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптары так сакталсын, өкүлчүлүк чыгымдарын натыйжасыз чыгымдоого жол берилбесин. Жалпы суммасы 798,5 миң сомго өкүлчүлүк чыгымдарын натыйжасыз чыгымдоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КРӨнүн 2011-жылдын 5-августундагы №452 «Кыргыз Республикасынын республикалык, облустук, райондук маанидеги шаарларынын шаардык кеңештеринин жана райондук кеңештеринин аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү» жөнүндөгү токтомунун (КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) негизинде каралган штаттык бирдиктен тышкары, Каракол шаардык

Кеңешинин төрагасынын буйруктарынын негизинде Кеңештин жетектөөчү адиси Ж.Кыдыковага архивдик ишин алып баруу үчүн 0,5 ставка ашык жүктөлүп, жергиликтүү бюджеттин «башка товарларды жана кызматтарды алуу» 2215-беренесинен (2022-жылы 117,4 миң сом, 2023-жылы 156,7 миң сом) жалпы **274,1 миң сом** эмгек акы эсептелинип төлөнүп берилген, анын ичинде Соцфондго камсыздандыруу төлөмдөрү (17,25%) 40,3 миң сом.

**Сунуштама:** КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралындагы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” токтомунун 5-тиркемесиндеги облустук маанидеги шаардык кеңештердин штаттык санынын чегине ылайык келтирилсин.

Аудит мамлекеттик инспектор Р.С. Иманбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

## Каракол шаардык мэриясынын алдындагы жергиликтүү салыктарды чогултуу боюнча муниципалдык бөлүмү

*(Бөлүм башчысы А. Мукашев, эсепчинин ишин алып баруучу Т. Чалыров)*

2022-жылга чыгымдар сметасы 5422,3 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 5422,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 4548,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 4548,1 миң сомду түзгөн.

2023-жылга чыгымдар сметасы 4797,5 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 5120,2 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 5100,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 4917,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаарынын мэриясынын алдындагы салыктарды чогултуу боюнча муниципалдык бөлүмдүн бекитилген штаттык ырааттамасында, 2022-жылдын 1-2-чейрекке карата чейректик сый акы каралбагандыгына карабастан, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын 2022-жылдын 28-мартындагы №124 буйругунун негизинде 2022-жылдын апрель айынын аягы менен кызматкерлерге иштеген иши үчүн материалдык жардам катары **128,9 миң сом** (анын ичинде Соцфондго камсыздандыруу төлөмдөрү 22,2 миң сом)сый акы эсептелинип, төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Мындан ары негизсиз сый акыларын төлөө токтотулсун.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында Каракол шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык мулктү башкаруу башкармалыгы тарабынан муниципалдык жерлерди ижарага берүүдө *169,7 миң сом* мүлк салыгы (2022-жылга 34,2 миң, 2023-жылы 135,5 миң сом) жана *296,2 миң сом* (2022-жылга 30,7 миң сом, 2023-жылга 265,5 миң сом) айыл чарба багытында эмес жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы өндүрүлбөй калган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексине ылайык, Мамлекеттик салык кызматынын Каракол шаардык башкармалыгынын жергиликтүү салыктар бөлүмү менен биргеликте муниципалдык мүлктүн ижарага алган объектилерден өндүрүлбөй калган жалпы суммасы *465,9 миң сомду* түзгөн салыктарды (анын ичинен: 169,7 миң сом мүлк салыгы жана 296,2 миң сом айыл чарба багытында эмес жерлерди пайдалангандыгы үчүн жер салыгы) өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспектор М.К.Нусупов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Каракол шаарынын муниципалдык мүлк башкармалыгы (Мындан ары Башкармалык)**

*( Башчысы С.Өскөнбаев, башкы эсепчиси И. Кыштобаева)*

2022-жылы «Бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндө» №2 формадагы отчетко ылайык:

- Муниципалдык менчик башкармалыгынын аппаратын каржылоого смета боюнча 7821,6 миң сом өлчөмүндө бекитилген, киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен чыгашалар сметасы 6775,4 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 5613,4 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 5474,6 миң сомду түзгөн;

- Муниципалдык объектилерди курууга смета боюнча 61145,5 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 336445,1 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 60663,9 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 5675,5 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, 2022-жылы башкармалык тарабынан “Жашылдандыруу” муниципалдык ишканасына 23078,3 миң сом, “Суу түтүк” муниципалдык ишканасына 14543,9 миң сом, “Тазалык” муниципалдык ишканасына 220577,5 миң сом, “Жол тейлөө” муниципалдык ишканасына 477857,9 миң сом, “Жүргүнчүлөрдү унаа менен тейлөө” кызматына 1400,0 миң сом, шаарды жарыктандырууга 3386,5 миң сом, жалпы 740844,1 миң сом каржыланган.

2023-жылы:

- Муниципалдык менчик башкармалыгынын аппаратын каржылоого смета боюнча 9977,9 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 10078,5 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 9141,9 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 8976,8 миң сомду түзгөн;

- Муниципалдык объектилерди курууга смета боюнча 62268,2 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 280264,5 миң сомго такталып, кассалык чыгымдар 250446,0 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 15798,1 миң сомду түзгөн;

- Шаарды жарыктандырууга смета боюнча 5000,0 миң сом өлчөмүндө бекитилген, 5100,0 миң сомго такталган, кассалык чыгымдар 5082,4 миң сомго жүргүзүлүп, иш жүзүндөгү чыгымдар 5082,4 миң сомду түзгөн.

Мындан тышкары, 2023-жылы башкармалык тарабынан “Жашылдандыруу” муниципалдык ишканасына 51968,5 миң сом, “Суу түтүк” муниципалдык ишканасына 49042,1 миң сом, “Тазалык” муниципалдык ишканасына 61251,7 миң сом, “Жол тейлөө” муниципалдык ишканасына 487388,6 миң сом, шаарды жарыктандырууга 5082,4 миң сом, жалпы 654733,3 миң сом каржыланган.

Атайын каражаттар боюнча 2022-жылдын башындагы калдыгы 97,2 миң сомду түзүп, жыл ичинде чыгымдар жүргүзүлгөн эмес, калдык 97,2 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын башындагы калдыгы 97,2 миң сомду түзүп, жыл аягына калдык 97,2 миң сомду түзгөн.

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толук эмес аткарылган, айыл чарба багытындагы эмес жерлерге жер салыгы 134,5 миң сом, айыл чарба багытындагы жерлерге 13,8 миң сом, мектептин бөлмөлөрүн ижарага берүүдө 3,5 миң сом жер салыгы калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын. айыл чарба багытындагы эмес жерлерге жер салыгы 134,5 миң сом,

айыл чарба багытындагы жерлерге 13,8 миң сом, мектептин бөлмөлөрүн ижарага берүүдө 3,5 миң сом жер салыгы калыбына келтирилсин.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында айыл чарба багытындагы жерлердин (5 ижарачыга 175,0 миң сом) жана айыл чарба багытындагы эмес жерлердин ижарачыларына (10 ижарачыга 345,7 миң сом) жалпы суммасы **520,7 миң сом** ижара акысы кошумча эсептелинди. Аудит учурунда 137,3 миң сому калыбына келтирилди. Ошону менен бирге, айыл чарба багытындагы эмес жерлерди 3 (үч) жеке адамга ижарага берүү чечими чыккан, бирок, алар менен ижара келишими түзүлгөн эмес, б.а. ижарага берилбегендиктен жалпы суммасы **274,5 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 299-беренесине ылайык, түзүлгөн келишимдердин негизинде ижарачылардын эсебинен жалпы **383,4 миң сом** ижара акылары өндүрүлсүн. “Жер участогун пайдаланууга укук берүү” боюнча комиссиясынын протоколу менен ижарага берүү чечиминин негизинде келишимдер түзүлсүн жана мындан ары, бюджеттик жоготууларга жол берилбесин. Чечимдин аткарылышы боюнча маалымат берилсин.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **4409,3 миң сомду** түзүп, аудит учурунда **2202,6 миң сому** калыбына келтирилди. Анын ичинен *жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен (жалпы 3041,1 мин сом, калыбына келтирилгени 1089,4 миң сом):*

- подрядчы “Сириус Строй” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Токтогул (№88) көчөсүнө китепкана курууда” 1089,4 миң сомго (кошумча аткарылган иштердин эсебинен калыбына келтирилген);

- подрядчы “РТР Стиль” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы “Ардагерлер” имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 44,7 миң сомго;

- подрядчы “Табан” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Алыкулов көчөсүндөгү кичи футбол аянтынын курулушун бүткөрүүдө” 43,7 миң сомго;

- подрядчы “Альстрой” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Жетиген көчөсүнө кичи футбол аянтын курууда” подрядчы менен буюртмачынын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, курулуш иштери 2023-жылдын 20-ноябрында, б.а. көрсөтүлгөн мөөнөттө бүткөрүлбөгөндүктөн 1,5% үстөк айып 85,9 миң сом суммасында эсептелинген;

- подрядчы “Алым Строй” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Карасаев №135 көчөсүндөгү бала бакчасынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 208,2 миң сомго;

- подрядчы “Бийик КЖ” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы №11 мектеп гимназиясына кошумча окуу имаратын курууда” 102,2 миң сомго;

- подрядчы “Инвест Партнер Групп” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын Майра Керим кызы көчөсүнө кичи футбол аянтын курууда” 1071,0 миң сомго жогорулатылган, 276,4 мин сомго кошумча нарк салыгы, 46,1 мин сом сатуудан алынуучу салыгы ашык алынган;

- подрядчы менен буюртмачынын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, курулуш иштери 2023-жылдын 20-ноябрында, б.а. көрсөтүлгөн мөөнөттө бүткөрүлбөгөндүктөн 1,5% үстөк айып 73,5 миң сом суммасында эсептелинген, бөлүнгөн акча каражаттарына түзүлгөн “СПРАВКА” (Ф-3) аткарылган иштердин актысынан *312,1* миң сомго *(2938,2-2626,1=312,1) техникалык ката кетирүү менен* ашыкча түзүлгөн;

- *республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен (жалпы 1368,2 мин сом, калыбына келтирилгени 1113,2 миң сом):*

- подрядчы “Кубанч” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы стадиондун трибунасын капиталдык оңдоодо жана сырткы жасалгалоо жумуштарында” 48,0 миң сомго;

- подрядчы “Дастан Строй Компани” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы спорт комплексин куруудa” 1113,2 миң сомго (кошумча аткарылган иштердин эсебинен калыбына келтирилди);

- подрядчы “Инженер Строй Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы коомдук даараткaналарды куруудa” 207,0 миң сомго жогорулатылган жана аталган объекттер Кыргыз Республикасынын “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамынын 41-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №240 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган объекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндө” жобонун 9-бөлүгүнө ылайык, пайдаланууга кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен (жалпы 2206,7 миң сом) жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

- *жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен* аткарылган курулуш иштери боюнча:

- подрядчы “РТР Стиль” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы “Ардагерлер” имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 44,7 миң сом;

- подрядчы “Табан” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Алыкулов көчөсүндөгү кичи футбол аянтынын курулушун бүткөрүүдө” 43,7 миң сом,

- подрядчы “Альстрой” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Жетиген көчөсүнө кичи футбол аянтын курууда” подрядчы менен буюртмачынын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, 2023-жылдын 20-ноябрында курулуш иштери бүткөрүлбөгөндүктөн эсептелинген 85,9 миң сом суммасындагы үстөк айып;

- подрядчы “Алым Строй” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы Карасаев №135 көчөсүндөгү бала бакчасынын имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 208,2 миң сомго;

- подрядчы “Бийик КЖ” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы №11 мектеп гимназиясына кошумча окуу имаратын курууда” 102,2 миң сомду буюртмачы менен өз ара эсептешүү актысы аркылуу подрядчынын аласасынан кемитүү жолу менен калыбына келтирилсин;

- подрядчы “Инвест Партнер Групп” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын Майра Керим кызы көчөсүнө кичи футбол аянтын курууда” 1071,0 миң сом, ашык алынган 276,4 мин сом кошумча нарк салыгы, 46,1 мин сом сатуудан алынуучу салыгы, 73,5 миң сом суммасындагы үстөк айып калыбына келтирилсин жана *техникалык ката кетирүү менен* (инфо) ашыкча түзүлгөн “СПРАВКА” (Ф-3) такталып кайрадан түзүлсүн;

- *республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен аткарылган* курулуш иштери боюнча:

- подрядчы “Кубанч” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы стадиондун трибунасын капиталдык оңдоодо жана сырткы жасалгалоо жумуштарында” 48,0 миң сом;

- подрядчы “Инженер Строй Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарындагы коомдук даараткaналарды курууда” 207,0 миң сом. Каракол шаарынын муниципалдык

мүлк башкармалыгы тарабынан “Каракол шаарындагы коомдук дааратканаларды куруу жумуштарын” аяктоого жана курулуш объекттеринин долбоорлордун проекттик-техникалык чечимдеринин, жумуштардын көлөмдөрүнүн өзгөртүлгөндүгүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын “Шаар куруу жана архитектура жөнүндө” Мыйзамынын 33; 37; 38-беренелерин колдонууга алуу менен, аталган Мыйзамдын 41-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №240 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүү жана эксплуатацияга киргизилүүчү курулушу аяктаган объекттердин шайкештигин баалоо тартиби жөнүндө” жобонун 9-бөлүгүнө ылайык, инспекциялык контролду жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу оргaндын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча региондук башкармалыгы тарабынан ылайыктуулугун баалоого жана пайдаланууга кабыл алуу актысын алуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында Башкармалык тарабынан коммерциялык багытта 53885,1 чарчы метр жер аянты 3662,2 миң сомго, жашылдандырууга 15710,4 чарчы метр жер аянты 101,1 миң сомго жана айыл чарба багытында 452568,2 чарчы метр жер аянты 1040,0 миң сомго келишимдердин негизинде ижарага берилген. Бирок, ижарачылар тарабынан ижара акылары төлөнбөстөн, 2024-жылдын 1-январына карата жалпы суммасы *3582,8 миң сомго* дебитордук карыз катары катталган.

Мындан тышкары, 2018-2021-жылдары ижарачылар менен түзүлгөн келишимдер аткарылбастан жалпы *9391,5 миң сом* ижара акылары өндүрүлбөстөн, 2024-жылдын 1-январына карата дебитордук карыз катары катталып келет. Анын ичинен 2024-жылдын январь-февраль айларында 84,3 миң сому өндүрүлгөн.

Жыйынтыгында, 2018-2023-жылдарга карата ижара акылары боюнча жалпы *12890,0 миң сомго* дебитордук карыздар өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** 2018-2023-жылдарга карата ижара акылары боюнча жалпы суммасы *12890,0 миң сомдук* дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Төмөнкү жол жоболук бузуулар аныкталды:

- Башкармалыктын негизги милдеттеринин бири болуп, Каракол шаарынын муниципалдык менчигиндеги мүлктү кайтаруу укугу менен менчикке берүү жана ижарага берүү болуп эсептелинет. 2022-жылдын 18-августунда Каракол шаардык Кеңешинин №28-17/5 токтомуна ылайык, Каракол шаарынын Муниципалдык мүлктү башкаруу Департаменти «Каракол шаарынын муниципалдык мүлк башкармалыгы» болуп кайра түзүлүп, Ысык-Көл областтык юстиция башкармалыгынан 2022-жылдын 29-августунда каттоодон өткөндүгүнө карабастан, Башкармалык Каракол шаардык Кеңеши тарабынан 2012-жылдын 28-сентябрында №26-7/1 токтому менен бекитилген (мурдагы) «Муниципалдык менчигиндеги мүлктү кайтаруу укугу менен менчикке берүү жана ижарага берүү Жобосуна» ылайык милдетин аткарып келет.

*Сунуштама:* 2012-жылдын 28-сентябрында №26-7/1 токтому менен бекитилген «Муниципалдык менчигиндеги мүлктү кайтаруу укугу менен менчикке берүү жана ижарага берүү Жобосуна» өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча сунуш киргизилсин.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү” жобонун 8-пунктуна ылайык, “Комиссиянын чечимдери мүчөлөрүнүн жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси катышканда кворум болсо добуштардын жөнөкөй көпчүлүгү менен кабыл алынат. Добуштар бирдей болуп калса комиссиянын төрагасынын добушу чечүүчү болот. Комиссиянын протоколуна комиссиянын төрагасы жана жыйынга катышкан мүчөлөрү, ал эми, ушул Жободо каралган учурларда болсо - тооруктун жеңүүчүсү да кол коюшат. Комиссиянын чечими сунуштоочу мүнөзгө ээ”-деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, “Жерге укукту берүү” боюнча комиссиясы тарабынан кабыл алынган 2022-жылдын 21-январындагы №1, 17-февралдагы №2 жана 26-майындагы №9 протоколдорунда комиссия мүчөлөрүнүн колдору толук коюлган эместиги аныкталды.

*Сунуштама:* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү” жобонун талаптары так сакталсын.

- 2023-жылдын 29-августундагы №18 протоколуна ылайык, Башкармалык тарабынан А.Абдулина менен 2023-жылдын 5-сентябрында Торгоева-Бектенова көчөсүнөн жер тилкесин ижарага узартып берүүгө №02-04/89 келишими түзүлгөн. Бирок, ушул эле Торгоева-Бектенова көчөсүнөн жер тилкесин ижарага берүү боюнча 2023-жылдын 18-октябрындагы комиссиясынын №21 протоколдук чечими менен А.Абдулинанын ишеним кагазынын негизинде И.Абдулина менен 2023-жылдын 24-октябрындагы №02-4/116 келишими кайрадан түзүлгөн.

2023-жылдын 18-октябрындагы №21 протоколуна ылайык, Башкармалык тарабынан М.Айткулов менен 2023-жылдын 29-декабрындагы №02-04/171 жана №02-04/172 келишимдери түзүлгөн. 2023-жылдын 29-декабрындагы №02-04/171 келишимге ылайык, Жамансариева-Боронбай-Хан көчөлөрүндөгү 100,0 чарчы метр жер аянты коммерциялык багытта 3 жылга узартылган. Мурунку 2017-жылдын 12-июнунда түзүлгөн №03-01/10 келишиминде да 100,0 чарчы метр жер аянты коммерциялык багытта, 680,0 чарчы метр жер аянты жашылдандыруу жана көрктөндүрүү багытында берилген. КРӨнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген *“Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү”* жобонун 2-пунктуна ылайык, 2023-жылдын 29-декабрындагы №02-04/172 келишиминде 636,0 чарчы метр жер аянты коммерциялык багытта конкурска коюлбастан узартылган.

*Сунуштама:* Жер тилкесин ижарага берүүдө КРӨнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтому менен бекитилген “Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү” жобонун талаптары так сакталсын.

- 2018-жылдын 13-июлундагы №13 протоколуна ылайык, Алыбаков-Гагарин көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан 600 чарчы метр жер тилкеси Башкармалык тарабынан Э. Эсенгуловго ижарага берилген. Ижара мөөнөтү 5 жылды түзүп, ар бир жылга ижара акысы 320,0 миң сомдон келишим түзүлгөн. Э. Эсенгулов тарабынан

ижара акысы өз учурунда төлөнбөгөндүктөн сотко доо арыз берилип, Башкармалыктын пайдасына чечилип, 1360,0 миң сом карызын өндүрүү боюнча чечими чыккан. Бирок, Э.Эсенгулов Жогорку сотко кайрылып, соттук иштер жүргүзүлүп жаткандыгына карабастан, Башкармалык тарабынан Алыбаков-Гагарин көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан жер тилкесине кайрадан конкурс жарыяланган. Ал эми, 2022-жылдын 11-ноябрында "Жер участогун пайдаланууга укук берүү" боюнча комиссиясынын №6 протоколуна ылайык аталган жер тилкеси М. Өзүбековго жылдык ижара акысы 400,0 миң сом менен ижарага берилген. 2024-жылдын 1-январына карата М. Өзүбеков тарабынан дебитордук карызы 672,0 миң сомду түзгөн.

*Сунуштама:* Ижарачы Э. Эсенгуловдон1360,0 миң сом, М. Өзүбековдон 672,0 миң сом ижара акылары үчүн карыздары өндүрүлсүн.

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы №56 "Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын 1-пунктунун талаптарын бузууга жол берлген, Жамансариева көчөсүндө "Ак-Тилек+" базарында А. Бараковго таандык "Жарнама" павильону, Гриль сатуучу жайы Башкармалык менен келишим түзүлбөстөн жол жээгинде жайгашкандыгы аныкталды.

*Сунуштама:* Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 14-мартындагы №56 "Автомобиль жолдорунун жээгиндеги жерлерге (жол тилкесиндеги жана жол боюндагы тилкедеги жерлерде) жол боюндагы тейлөө объекттерин (анын ичинде сооданы) мыйзамсыз жайгаштырууну алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча чаралар жөнүндө" Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобонун" (КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №240 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) 33-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, төмөнкү долбоордук-сметалык документтер мамлекеттик экспертизадан өткөрүлгөн эмес: жалпы суммасы 3356,0 миң сомдук Каракол шаардык стадионду реконструкциядан өткөрүү үчүн долбоордук сметалык иш кагаздары; IT эс алуу багынын 380,0 миң сомдук долбоордук сметалык курулуш иш кагаздары; "Жашылдандыруу" муниципалдык ишканасынын 178,5 миң сомдук долбоордук сметалык курулуш иш кагаздары, коомдук ажааткана куруу үчүн долбоордук сметалык иш кагаздары үчүн өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен "Долбоор Курулуш" ЖЧКсына 90,0 миң сом которулуп берилген, бирок, долбоордук сметалык иш кагаздары экспертизадан өткөрүлбөстөн, коомдук ажаатканаены куруу үчүн конкурс жарыяланып, анын жыйынтыгы менен "Инженер Строй" ЖЧКсы тарабынан 11503,1 миң сомго курулуш иштери жүргүзүлүп, аягына чыгарыла элек.

*Сунуштама:* Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 10-майындагы №240 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө жобонун" талаптары так сакталсын

жана долбоордук-сметалык документтери мамлекеттик экспертизадан өткөрүлгөндөн кийин курулуш иштери ишке ашырылсын.

Долбоордук сметалык иш кагаздарын экспертизадан өткөрбөстөн курулуш иштерин жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор М.Б. Аитов, Б.К. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Каракол шаардык билим берүү бөлүмү**

*(Башчысы А. Токтакунова, башкы эсепчиси Ф. Мажиюн)*

2023-жылга (жергиликтүү) бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 87614,1 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 94124,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 86573,3 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 55106,0 миң сомду түзгөн (аудит 2023-жылга карата жүргүзүлгөн).

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаардык кеңешинин билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, социалдык жана дин маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 3-мартындагы корутундусунун негизинде “Жалпы республикалык тестирлөөгө” 2215 “Башка товарларды, жумуштарды жана кызматтарды алуу” беренеси боюнча 500,0 миң сом каралган, Каракол шаардык билим берүү бөлүмү КР Билим берүү жана илим министрлигине караштуу Кыргыз Республикасынын жарандарына жалпы орто билим берүү тармагы боюнча мамлекеттик саясатын ишке ашыруучу бирден бир мекемеси болуп туруп, өткөрүлгөн конкурстун негизинде Каракол шаарынын 11-классынын бүтүрүүчүлөрүн “Жалпы республикалык тестирлөөгө” даярдоо максатында 2023-жылдын 4-майында жеке менчик “SECOM” билим берүү мекемеси менен 498,8 миң сомго №28 келишими түзүлүп, 254 бүтүрүүчү окутулган. Жыйынтыгында 254 бүтүрүүчүнүн ичинен 6 бүтүрүүчүсү Жалпы республикалык тестирлөөгө катышкан эмес, 44 бүтүрүүчү 69-100 баллга чейин алган, 139 бүтүрүүчү 100-150 баллга чейин алган жана 65 кана бүтүрүүчү 150 баллдан ашык алган (мунун ичинен 2 бүтүрүүчү 200 балдан ашкан), же 254 бүтүрүүчүнүн 25,5% эле 150 баллдан ашык алган. Жыйынтыгында, Каракол шаарынын 11-классынын бүтүрүүчүлөрүн “Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоо” максатына жеткен эмес, же тестирлөөгө даярдоо үчүн “SECOM” билим берүү мекемесине которулган **498,8 миң сом** натыйжасыз чыгымдалган.

**Сунуштама:** “Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоого” бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттик каражаттарды үнөмдүү жана натыйжалуу пайдалануу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн. Жергиликтүү бюджеттен “Жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоого” бөлүнгөн жергиликтүү бюджеттик каражаттарын натыйжасыз пайдаланууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги белгиленсин.

Белгилей кетсек, *Каракол шаардык билим берүү бөлүмүндө* 2020-2023-жылдарга карата иш кагаздары Каракол шаардык прокуратурасына алынып кеткендигине байланыштуу *курулуш иштери боюнча* аудит өткөрүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок.

Аудит мамлекеттик инспектор Р.С.Иманбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Каракол шаардык маданият бөлүмү**

*(Башчысы Т. Илипбаев, башкы эсепчиси Н. Омурбекова)*

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 12313,8 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 20632,1 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 19625,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 18911,9 миң сомду түзгөн.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 22160,6 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 24541,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 23287,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 21490,7 миң сомду түзгөн.

2022-жылга атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 1956,3 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 1496,1 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 983,9 миң сомду түзгөн.

2023-жылга атайын каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 1242,4 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 1242,4 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 914,8 миң сомду түзгөн.

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Подрядчы "Каракол Курулуш» ЖЧКсы «Тарых-аймак таануу музейин, кышкысын жылытуу жана жай мезгилинде салкын кармоого кондиционерлерди орнотууда" **66,3 миң сомго** аткарылган иштердин көлөмү жогорулатылган. Аудиттен кийин 2024-жылдын 18-мартындагы №1 ТТ аркылуу калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин көлөмүн жогорулатууга жол бербөө максатында көзөмөл күчөтүлсүн.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2023-жылы Каракол шаардык маданият бөлүмүнүн Тарых-аймак таануу музейин, кышкысын жылытуу жана жай мезгилинде салкын кармоого 3111 «*Имарат жана курулуш*» беренеси аркылуу 5 (беш) даана кондиционерлерди (зима-лето) орнотушкан. КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобого» ылайык, жогорудагы орнотулган кондиционерлердин чыгымдары 3112-беренеси боюнча жүргүзүлүп, маданият бөлүмүнүн жылдык балансынын 1-тиркемесинин «*Машиналар жана жабдуулар*» бөлүгү көбөйүшү керек болчу. Бирок, баланстын 1-тиркемесинин «*Имарат жана курулуштар*» бөлүгү *1394,6 миң сомго* көбөйтүлгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобосунун» талаптары так сакталсын.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаардык маданият бөлүмүнүн музейлериндеги буюмдарга *инвентаризация жүргүзүү* учурунда Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2016-жылдын 15-декабрындагы №617 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын музейлеринде жайгашкан музей буюмдарын жана музей коллекцияларын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускаманын 4.94-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, музей буюмдарынын ордунда тургандыгын текшерүү музейдин директорунун буйругунун негизинде түзүлгөн комиссия тарабынан директор бекиткен план-графикке ылайык жүргүзүлгөн эмес. Нускамада көрсөтүлгөн текшерүүлөрдүн

жыйынтыгы боюнча акты түзүлүп, комиссия мүчөлөрүнүн колдору коюлуп жана музейдин мөөрү менен ырасталган эмес.

**Сунуштама:** Каракол шаардык маданият бөлүмүнүн музейлеринде, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин 2016-жылдын 15-декабрындагы №617 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын музейлеринде жайгашкан музей буюмдарын жана музей коллекцияларын эсепке алуу жана сактоо боюнча нускамасынын талаптары так сакталсын. Нускамада көрсөтүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча акты түзүлүп, комиссия мүчөлөрүнүн колдору коюлуп жана музейдин мөөрү менен ырасталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор А.О. Аллабердиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Каракол шаарынын дене тарбия жана спорт ордосу**

*(Директору Н. Джаинов, башкы эсепчиси Б. Сагынова)*

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 1999,9 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 3044,1 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 3026,2 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 3015,0 миң сомду түзгөн.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 3563,6 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 3623,6 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 3563,5 миң сомду, иш жүзүндөгү чыгашалар 3372,7 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун" 313-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, жабдып берүүчү тарабынан аванстык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, аванстык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш. Бирок, 2020-жылы жүргүзүлгөн конкурстун негизинде чарбалык буюмдарын сатып алуу үчүн "Ахмад Строй" ЖЧКнын эсебине баардыгы 373,8 миң сом которулган. "Ахмад Строй" ЖЧКсы 2022-жылдын 24-февралына чейин 264,3 миң сомго материалдарды камсыз кылган. Калган 109,5 миң сомго материалдар камсыз болгон эмес. 2023-жылдын 16-августунда (№ГД-828/22и5) Кыргыз Республикасынын Ысык-Көл облусунун Каракол шаардык соту "Ахмад Строй" ЖЧКсынан 109,5 миң сом суммадагы каражаттарын өндүрүү жөнүндө доо арызын канааттандыруу чечими чыгарылган. Аудит учурунда "Ахмад Строй" ЖЧКсы тарабынан 14,9 миң сом гана төлөнгөн.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун 313-беренесинин талаптары так сакталсын, "Ахмад Строй" ЖЧКсы тарабынан 94,6 миң сом дебитордук карызын өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын талаптарына ылайык, Спорт ордосу тарабынан "Ахмад Строй" ЖЧКсын мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.

Аудит мамлекеттик инспектор Т.А.Анаркулов тарабынан жүргүзүлгөн.

**“Каракол көрктөндүрүү, санитардык тазалоо комбинаты” муниципалдык ишканасы**

*(Жетекчи Б. Мамбеталиев, башкы эсепчиси Ш. Молдобаева)*

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндөгү №2 формадагы отчетко ылайык, жалпы 238262,7 миң сом каржыланган, анын ичинен жергиликтүү бюджеттен ар кандай кызмат көрсөтүүгө 50485,9 миң сом, көчө жарыктарынын электр энергиясына 3386,5 миң сом, калкты тейлөөдөн келип түшкөнү (таштанды чыгаруудан) 14390,3 миң сом, республикалык бюджеттен 170000,0 миң сом. Жалпы кассалык чыгымдар 171591,1 миң сомду түзгөн.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгаша сметасынын аткарылышы жөнүндөгү №2 формадагы отчетко ылайык, жалпы 91804,6 миң сом каржыланган, анын ичинен ар кандай кызмат көрсөтүүгө 51257,7 миң сом, көчө жарыктарынын электр энергиясына 5082,4 миң сом, калкты тейлөөдөн келип түшкөнү (таштанды чыгаруудан) 25464,5 миң сом, отургучтарды, урналарды жана контейнерлерди алууга 10000,0 миң сом. Жалпы кассалык чыгымдар 91229,4 миң сомду түзгөн.

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **67,7 миң сомду** түздү, анын ичинен:

- подрядчы “Барс Мастер” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын таштанды таштоочу жайына “Беккари чуңкурун” курууда” 39,1 миң сомго;
- подрядчы “Строй Империал” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарына таштандыларды кайра иштетүү цехине Ангарларды курууда” 28,6 миң сомго жогорулатылган *(республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен)*.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

- подрядчы “Барс Мастер” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын таштанды таштоочу жайына “Беккари чуңкурун” курууда” **39,1 миң сом;**
- подрядчы “Строй Империал” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарына таштандыларды кайра иштетүү цехине Ангарларды курууда” **28,6 миң сом.**

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** “Каракол көрктөндүрүү, санитардык тазалоо комбинаты” муниципалдык ишканасынын товардык-материалдык баалуулуктарын каттоо учурунда, 42 (кырк эки) даана **43,8 миң сомдук** демонтаждалган көчө жарыгынын мамылары бухгалтердик балански кириштелбегендиги аныкталды. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, балански кабыл алынды.

**Сунуштама:** Негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар өз убагында балански кабыл алынсын.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартына 15 (ФОЭС 15) ылайык, киреше кардарларга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү чагылдырган ыкма менен таанылат, ал товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү талап кылган төлөмдү чагылдырат.

Бирок, МИ тарабынан Каракол шаардык Билим берүү бөлүмүнө таштандыларды чыгаруу үчүн көрсөтүлгөн кызматтарга болгон жалпы суммасы **316,3 миң сомдук** дебитордук карызы жылдык баланста чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, дебитордук карыздар эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Каракол шаардык Билим берүү бөлүмү тарабынан таштандыларды чыгаруу үчүн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Муниципалдык ишканасынын товардык-материалдык баалуулуктарын жана негизги каражаттарын тактоо учурунда 2022-жылы сатылып алынган «Спринтер (телескоп)» автоунаасынын иш кагаздары толукталбай, муниципалдык ишкананын атына тиешелүү мамлекеттик каттоо мекемеси тарабынан каттоодон өткөрүлгөн эмес. Аудит учурунда автоунаанын иш кагаздары толукталып, тиешелүү мамлекеттик каттоо мекемесинен каттоодон өткөрүлдү.

**Сунуштама:** Негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын тиешелүү иш кагаздары өз убагында толукталсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор А.О. Аллабердиев, Б.К. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

## Каракол шаардык "Жашылдандыруу чарбасы" муниципалдык ишканасы

*(Директору К.Камалов, башкы эсепчиси Б. Кыштобаева)*

2022-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 23132,3 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 22407,8 миң сомго такталган, кассалык чыгашалар 22407,8 миң сомду түзгөн.

2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы 52593,2 миң сомго бекитилип, жыл ичинде 51968,5 миң сомго такталган, иш жүзүндөгү чыгашалар 51968,5 миң сомду түзгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 403-404-беренелерине ылайык, 2023-жылга "Жашылдандыруу чарбасы" муниципалдык ишканасынын 293876,8 чарчы метр айыл чарба багытындагы эмес жерлерине **569,0 миң сом** жер салыгы кошумча эсептелинди. Аудиттен кийин 2024-жылдын 2-апрелиндеги №102 ТТ аркылуу калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин талаптары так сакталсын, айыл чарба багытындагы эмес жер салыктары өз убагында эсептелинишине көзөмөл күчөтүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Подрядчы "Строй Империал" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы алты парктын айланасын тосууда" курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү **27,1 миң сомго** жогорулатылган *(жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен)*.

**Сунуштама:** Подрядчы "Строй Империал" ЖЧКсы тарабынан "Каракол шаарындагы алты парктын айланасын тосууда" **27,1 миң сомго** жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Н.Э. Шабыралиев, Б.К. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

## «Водоканал» Каракол шаардык муниципалдык ишканасы (мындан ары МИ)

*(Директору Ж. Өмүргалиев, башкы эсепчиси А.Нурдинов)*

Муниципалдык ишкананын 2022-жылга карата кирешеси планда жалпы 65152,0 миң сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн, иш жүзүндө 64349,4 миң сом келип түшкөн, анын ичинен: 2022-жылдагы (өзүнүн суу пайдалануучулардын эсебинен) ишинин негизинде аныгындагы кирешелери 49805,4 миң сом, планда көрсөтүлгөнү 49061,8 миң сомду түзгөн, план 101,5% аткарылган, субсидия катары планда көрсөтүлгөнү 9540,2 миң сом, иш жүзүндө 8754,3 миң сом, башка кирешелер планда көрсөтүлгөнү 6550,0 миң сом, иш жүзүндө 5789,7 миң сом. 2022-жыл үчүн ишкана боюнча чыгымдар 68 075,8 миң сомду түзгөн.

2023-жылга карата кирешелери планда 129611,6 миң сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн, иш жүзүндө кирешелери 107135,9 миң сомду түзгөн, анын ичинен: 2023-жылдагы (өзүнүн суу пайдалануучулардын эсебинен) ишинин негизинде аныгындагы кирешелери 58731,5 миң сом, планда көрсөтүлгөнү 57074,6 миң сомду түзгөн, план 102,9% аткарылган, башка кирешелер планда көрсөтүлгөнү 10537,0 миң сом, иш жүзүндө 9477,2 миң сом, республикалык бюджеттен планда көрсөтүлгөнү 62000,0 миң сомду түзгөн, иш жүзүндө 38927,2 миң сом, келип түшкөн. 2023-жыл үчүн ишкана боюнча чыгымдар 70644,0 мин сомду түзгөн.

1. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **7074,1 миң сомду** түздү, анын ичинен:

- *республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен (6955,9 миң сом*):

- подрядчы “ИнвестПартнергрупп” ЖЧКсына “Водоканал” Каракол шаардык муниципалдык ишкананын имаратындагы жылытуучу системасын орнотуу” объектиси боюнча кошумча нарк салыгын төлөөчү эместигине карабастан, аткарылган иштердин актысында *96,5 миң сом* кошумча нарк салыгы эсептелинип төлөнгөн;

- подрядчы “Водоканалстрой” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын таза суу топтоочу жайына үч таза суу скважинасын казуу жумуштарын аткарууда” *6859,4 мин сомго* курулуш куроо иштеринин көлөмү жогорулатылган, о.э. подрядчы тарабынан скважиналарды казууда диаметри Д-219*6,0 мм обсадной труба колдонулууда, аткарыла турган иштердин актысында (ВОР) жана сатып алуулар сметасында обсадной трубанын диаметри Д-219*8,9 мм көрсөтүлгөн;

- *жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен* (жалпы 118,2 миң сом) МИ тарабынан:

- “Каракол шаарынын А. Жангорозова жаңы конушунун А.Акунов көчөсүнө 500 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (964,6 миң сом) *14,6 миң сомго*,

- “Каракол шаарынын Кучуков көчөсүнө 400 метр (Ø50 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (831,4 миң сом) *14,6 миң сомго,*

- “Каракол шаарынын Гагарин көчөсүнөн баштап Кутманалиев жана Орозов көчөлөрүнө чейин 280 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (670,5 миң сом) *7,9 миң сомго,*

- “Каракол шаарынын Тыныстанов көчөсүнө 250 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (471,0 миң сом) *7,9 миң сомго,*

- “Каракол шаарынын Коенкозов көчөсүнө 250 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (331,5 миң сом) *8,1 миң сомго,*

- “Каракол шаарынын жаңы конушунун Элебаев-4 көчөсүнө 350 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (909,0 миң сом) *12,8 миң сомго,*

-“Каракол шаарынын Кузбасская жаңы конушуна 520 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (1402,5 мин сом) 10,0 миң сомго,

-“Каракол шаарынын Жетиген көчөсүнө 490 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (1174,7 мин сом) 9,4 миң сомго,

-“Каракол шаарынын Куренкеев жана Валиханов көчөлөрүнө 972 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (2122,6 мин сом) 21,2 миң сомго,

-“Каракол шаарынын жаңы конушунун Элебаев-Искаков көчөсүнө 250 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (662,9 мин сом) 5,5 миң сомго,

-“Каракол шаарынын Луночарская көчөсүнө 350 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (822,5 мин сом) 6,2 миң сомго.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган (жалпы 7074,1 мин сом) курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

- подрядчы “ИнвестПартнергрупп” ЖЧКсы тарабынан “Водоканал” Каракол шаардык муниципалдык ишкананын имаратындагы жылытуучу системасын орнотууда” негизсиз эсептелинип төлөнгөн **96,5 миң сом** кошумча нарк салыгы;

- подрядчы “Водоканалстрой” ЖЧКсы тарабынан “Каракол шаарынын таза суу топтоочу жайына үч таза суу скважинасын казуу жумуштарын аткарууда” **6859,4 мин сомго** жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү буюртмачы тарабынан өз ара эсептешүү актысын түзүү менен аткарылган иштердин көлөмүнөн алынып, калыбына келтирилсин жана колдонулуп жаткан трубалар долбоордун алкагында колдонулсун;

- муниципалдык ишкана тарабынан: “Каракол шаарынын А. Жангорозова жаңы конушунун А.Акунов көчөсүнө 500 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (964,6 миң сом) ***14,6 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Күчүков көчөсүнө 400 метр (Ø50 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (831,4 миң сом) ***14,6 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Гагарин көчөсүнөн баштап Кутманалиев жана Орозов көчөлөрүнө чейин 280 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (670,5 миң сом) ***7,9 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Тыныстанов көчөсүнө 250 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (471,0 миң сом) ***7,9 миң сом,***

- “Каракол шаарынын Коенкозов көчөсүнө 250 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (331,5 миң сом) ***8,1 миң сом***,

- “Каракол шаарынын жаңы конушунун Элебаев-4 көчөсүнө 350 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (909,0 миң сом) ***12,8 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Кузбасская жаңы конушуна 520 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (1402,5 мин сом) ***10,0 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Жетиген көчөсүнө 490 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (1174,7 мин сом) ***9,4 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Куренкеев жана Валиханов көчөлөрүнө 972 метр (Ø76 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (2122,6 мин сом) ***21,2 миң сом***,

-“Каракол шаарынын жаңы конушунун Элебаев-Искаков көчөсүнө 250 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (662,9 мин сом) ***5,5 миң сом***,

-“Каракол шаарынын Луночарская көчөсүнө 350 метр (Ø63 мм) суу түтүктөрүн орнотууда (822,5 мин сом) ***6,2 миң сом***.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол “Суу түтүк” муниципалдык ишканасынын 2023-жылдын 31-декабрындагы отчеттуулугунда жана обороттук ведомостунда алынган материалдарга 87,9 миң сом, аткарылган кызматтар үчүн 77,9 миң сом кредитордук карыздар катталган, аудит учурунда кредитордук карыздар боюнча салыштыруу актысы түзүлгөн эмес, бул карыздар көп жылдардан бери катталып келген, жыйынтыгында, 2024-жылдын 1-январына карата жогорулатылган кредитордук карыз жалпы **165,8 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, 165,8 миң сомду түзгөн кредитордук карыз ишкананын балансынан азайтылды.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин

жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптары так сакталсын, кредитордук карыздарды жогорулатууга жол берилбесин.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, МИнин жүгүртүү ведомостунун 2023-жылдын 31-декабрына карата иш сапар жана башка чыгымдар боюнча ишкананын кызматкерлеринин отчеттуулукту талап кылган жалпы *176,4 миң сомду* түзгөн дебитордук карыздарга (анын ичинен 69,5 миң сому мурунку жылдын карыздары) отчеттор тапшырылган эмес.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптары так сакталсын, жооптуу адамдар тарабынан отчеттуулукту талап кылган *176,4 миң сомдук* дебитордук карыздар калыбына келтирилсин.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды***:* КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **72,6 миң сомго** ар кандай материалдык баалуулуктар сатылып алынган жана конкурстук документтерде конкурстан өткөрүлгөн суммадан подряддык келишимди аткарууну камсыздоо талап кылынган эмес.

**Сунуштама:** КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптары так сакталсын. Жүргүзүлгөн иш чаралар боюнча маалымат берилсин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Р.С. Иманбаев, К.Б. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

### Караколдогу муниципалдык жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазасы

*(Директору Р. Кадыров, башкы эсепчиси А. Чунуева)*

2022-жылга жалпы киреше 3 991,4 миң сомду түзгөн, анын ичинен 1 400,0 миң сом субсидия катары каралган. Каралган субсидиянын негизги көлөмдөгү суммасы кредитордук карызга жумшалган, анын ичинен: социалдык фондуна айып пул 546,1 миң сом жана камсыздандыруу төгүмдөрү 734,5 миң сом. Кирешелер жана чыгашалар боюнча жыйынтык ведомостуна ылайык, иш жүзүндөгү чыгымдар 5 027,5 миң сомго жүргүзүлгөн.

2023-жылдын жалпы кирешеси 3 991,4 миң сомду түзгөн, план боюнча киреше 2 000,0 миң сомго бекитилген, иш жүзүндө 3 582,5 миң сом келип түшкөн, план 1 582,5

миң сомго ашык же 179,1 % аткарылган, иш жүзүндөгү чыгымдар 5 052,5 миң сомго миң сомго жүргүзүлгөн.

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" (КР Финансы министрлигинин 2023-ж.11.07. №2 буругуна ылайык күчүн жоготкон) 106-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, жалпы суммасы **189,1 миң сом** акча каражаттары тастыктоочу иш кагаздары жок чыгышталган. Анын ичинен: жалпы суммасы *169,0 миң сомго* эсеп-фактура, тизме (ведомость) жана жалпы суммасы *20,1 миң сомго* сапар чыгымдарына аванстык отчет тапшырылган эмес. Аудиттен кийин 2024-жылдын 11-мартындагы №01-7/64 каты аркылуу тастыктоочу иш кагаздарын толуктоо жолу менен толук калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Аудиттен кийин 2024-жылдын 11-мартындагы №01-7/64 каты аркылуу тастыктоочу иш кагаздарын толуктоо жолу менен толук калыбына келтирилгендиги эске алынсын. КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптары так сакталсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин" талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы суммасы **1141,1 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктар сатылып алынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин" талаптары так сакталсын. Тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Т.А. Анаркулов тарабынан жүргүзүлгөн.

## Каракол шаардык жол чарба муниципалдык ишканасы (мындан ары муниципалдык ишкана)

*(Жетекчиси Э. Дюшеев, башкы эсепчиси Г. Куттубекова)*

Каракол шаардык жол чарба муниципалдык ишканасынын банктык выпискасына ылайык, 2022-жылдын 1-январына каражаттар боюнча калдыгы 6 223,7 миң сом болгон, ал эми жыл ичинде иш жүзүндө 494 414,9 миң сом түшкөн, чыгымдар 446 322,8 миң сомду түзгөн. 2023-жылдын 1-январына каражаттар боюнча калдык 54 315,7 миң сом.

2023-жылдын 1-январына каражаттар боюнча калдыгы 54 315,7 миң сом болгон, ал эми жыл ичинде иш жүзүндө 635 884,0 миң сом түшкөн, чыгымдар 662

771,9 миң сомду түзгөн. 2024-жылдын 1-январына каражаттар боюнча калдык 27 427,8 миң сом.

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **15657,1 миң сомду** түзүп, аудит учурунда калыбына келтирилгени **879,8 миң сом**, анын ичинен:

- муниципалдык ишкана тарабынан (*республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жалпы 8710,4 миң сомго*):

- "Каракол шаарынын Гебзе көчөсүнө (Карасаев көчөсүнөн-Токтогул көчөсүнө чейин 1200м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **801,0 миң сомго,**

-"Каракол шаарынын Гебзе көчөсүнө (Кадыр Аке көчөсүнөн-Токтогул көчөсүнө чейин 1165м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **912,1 миң сомго,**

- "Каракол шаарынын Ленин көчөсүнө (Пржевальск көчөсүнөн-Кыдыр Аке көчөсүнө чейин 2700м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **1606,2 миң сомго,**

- Каракол шаарынын Киров көчөсүнүн 700 метр жерине капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **11,4 миң сомго,**

- Каракол шаарынын Киров көчөсүнүн 1000 метр жерине капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **333,1 миң сомго,**

- Каракол шаарынын Школьная көчөсүнө (1600м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **1211,3 миң сомго,**

- "Каракол шаарынын Ысык-Көл (Токтогул-Пржевальск), Жамансариев (Карасаев-Гагарин), Жамансариев (Токтогул-Бейшеналиева) көчөлөрүнө капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **654,4 миң сомго**;

- "Каракол шаарынын Тыныстанов көчөсүнө капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **803,6 миң сомго,**

- Каракол шаарынын СМУ (негизги) көчөсүнүн 700 метр жерине капиталдык ремонт жүргүзүүдө" **184,6 миң сомго** жогорулатылган. Мындан тышкары, муниципалдык ишканада асфальт бетон аралашмасын чыгаруучу завод орнотулган жана 2023-жылы июнь айында ишке берилгенден баштап 38268,0 тонна асфальт бетон аралаштырмасы чыгарылган. Асфальт бетон аралаштырмасына түзүлгөн калькуляцияга кайра эсептөө жүргүзүлүп 1 тонна асфальт бетон аралашмасын чыгарууда баасы 57,3 (*4783,26 (калькуляция)-4725,96 (кайра эсептөө)=57,3);* (*4877,62 (калькуляция)-4820,32 (кайра эсептөө)=57,3)* сомго ашык жогорулатылган. Жыйынтыгында, жалпы ашыкча жогорулатылган асфальт бетон аралашмасынын баалануусу **2192,7 мин сом**ду түздү (38268,0 т. х 57,3=2192756 сом);

- подрядчы "ЭР-ФАБишкек" ЖЧК тарабынан "Каракол шаарынын Кыштобаев көчөсүнүн 400 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө" **575,9 миң сомго**;

- подрядчы "Гранд Универсал Строй" ЖЧК сына (жалпы 5323,6 миң сом) "Каракол шаарынын Жакыпов көчөсүн (Токтогул-Боронбай-Хан 660 метр) капиталдык ремонттон өткөрүү" объектиси боюнча муниципалдык ишкана тарабынан **2000,0 миң сом** ашык которулуп берилген, аталган подрядчы тарабынан курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү **414,6 миң сомго** жогорулатылган, **193,7 миң сомго** сатуудан алынуучу салыгы, **1162,3 миң сомго** кошумча нарк салыгы ашык алынган, муниципалдык ишканадан алган жалпы суммасы **1553,0 миң сомдук** курулуш материалдары үчүн акча каражат төккөн эмес, б.а. муниципалдык ишкана тарабынан курулуш иштеринин аягында кармалган эмес (ГПС 2225,0 тн *260,0 сом = 578,5 миң сом, бетон 149,0 м3 *3939,0 сом = 586,9 миң сом, труба Д-300мм 4 шт *8650,0 сом = 34,6 миң сом; труба Д-200мм 10 шт *3910,0 сом = 39,1 миң сом; труба Д-400мм 13 шт *12540,0 сом = 163,0 миң сом; дробленка 243 тн *370,0 сом = 89,9 миң сом; люк 2 шт * 9500,0 сом =19,0 миң сом, кольцо люка 5 шт *8400,0 сом = 42,0 миң сом);

- подрядчы “ДорСтройПлюс” ЖЧКсы тарабынан (жалпы 879,8 миң сом) “Каракол шаарынын Алыбаков көчөсүнүн 350 метр жерин (Коенкозов-Токтогул) капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **176,8 миң сомго**, “Каракол шаарынын Дербишов көчөсүнүн 495 метр жерин (Коенкозов-Токтогул) капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **161,4 миң сомго**, “Каракол шаарынын Абдрахманов көчөсүнүн 0,5 км жерин (Коенкозов-Токтогул) капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **389,2 миң сомго**, “Каракол шаарынын Коенкозов көчөсүнүн 1,6 км жерин (Айтматов-Кутманалиев) капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **152,4 миң сомго** жогорулатылган. Аудиттен кийин 2024-жылдын 2-октябрындагы № номери, жок ТТ аркылуу жалпы 879,8 мин сом (толугу менен) калыбына келтирилди;

- подрядчы “СМУТТ” ЖЧКсы тарабынан: (жалпы 167,4 миң сом) “Каракол шаарынын Элебаев көчөсүнүн 850 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **42,4 миң сомго**, “Каракол шаарынын Жамансариев көчөсүнүн 840 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **48,0 миң сомго**, “Каракол шаарынын Жамансариев көчөсүнүн 1315 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **77,0 миң сомго**.

**Сунуштама:** Төмөнкү жогорулатылган (жалпы 14777,3 миң сом) курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

а) муниципалдык ишкана тарабынан (жалпы 8710,4 миң сом):

-“Каракол шаарынын Гебзе көчөсүнө (Карасаев көчөсүнөн-Токтогул көчөсүнө чейин 1200м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **801,0 миң сом,**

-“Каракол шаарынын Гебзе көчөсүнө (Кадыр Аке көчөсүнөн-Токтогул көчөсүнө чейин 1165м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **912,1 миң сом,**

- “Каракол шаарынын Ленин көчөсүнө (Пржевальск көчөсүнөн-Кыдыр Аке көчөсүнө чейин 2700м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **1606,2 миң сом,**

- Каракол шаарынын Киров көчөсүнө (700м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **11,4 миң сом,**

- Каракол шаарынын Киров көчөсүнө (1000м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **333,1 миң сом,**

- Каракол шаарынын Школьная көчөсүнө (1600м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **1211,3 миң сом,**

-“Каракол шаарынын Ысык-Көл (Токтогул-Пржевальск), Жамансариев (Карасаев-Гагарин), Жамансариев (Токтогул-Бейшеналиева) көчөлөрүнө капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **654,4 миң сомго**;

- “Каракол шаарынын Тыныстанов көчөсүнө капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **803,6 миң сомго,**

- Каракол шаарынын СМУ (негизги) көчөсүнө (700м) капиталдык ремонт жүргүзүүдө” **184,6 миң сом,** асфальт бетон аралашмасынын баалануусу боюнча жогорулатылган **2192,7 миң сом**;

б) подрядчы “ЭР-ФАБишкек” ЖЧК тарабынан “Каракол шаарынын Кыштобаев көчөсүнүн 400 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **575,9 миң сом;**

в) подрядчы “Гранд Универсал Строй” ЖЧК сы тарабынан ( жалпы 5323,6 миң сом) “Каракол шаарынын Жакыпов көчөсүн (Токтогул-Боронбай-Хан 660 метр) капиталдык ремонттон өткөрүү” объекти боюнча ашык которулуп берилген **2000,0 миң сом**, аталган подрядчы тарабынан жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү **414,6 миң сом**, ашык алынган **193,7 миң сом** сатуудан алынуучу салыгы, **1162,3 миң сом** кошумча нарк салыгы, муниципалдык ишканадан алган жалпы суммасы курулуш материалдары үчүн **1553,0 миң сом**;

г) подрядчы "СМУТТ" ЖЧКсы тарабынан: (жалпы 167,4 миң сом) "Каракол шаарынын Элебаев көчөсүнүн 850 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө" **42,4 миң сом**, "Каракол шаарынын Жамансариев көчөсүнүн 840 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө" **48,0 миң сом**, "Каракол шаарынын Жамансариев көчөсүнүн 1315 метр жерин капиталдык ремонттон өткөрүүдө" **77,0 миң сом**.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит учурунда мүлктөргө жүргүзүлгөн каттоонун жыйынтыгында жалпы **2580,3 миң сомго** жетпей калуулар аныкталган. Анын ичинен: "БИОР плюс" ЖЧКсы тарабынан жолго орнотуу үчүн 1010,3 миң сомго сатылып алынган бордюрлардын ичинен жалпы ***544,1 миң сомго*** 1311 даана бордюр муниципалдык ишканага келген эмес; темир-бетон заводунда ***994,0 миң сомго*** 142 тонна цемент; асфальт-бетон заводунда баасы ***378,8 миң сомдук*** 1 даана контейнер; ***663,4 миң сомдук*** 4016 даана тротуар бордюрлары.

Мындан тышкары, өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен "Продакшн Сервис" ЖЧКсы тарабынан менен түзүлгөн сатып алуу келишимине ылайык, жалпы баасы 1985770 сомдук 20 даана суу бөлүштүрүү лотокторунун Б-2 жана Б-3 формалары жана 5 даана кольцолор алынып келмек. Бирок, материалдык баалуулуктарды кабыл алуу комиссиясынын актысына ылайык, 20 даана суу бөлүштүрүү лотокторунун формалары жана 2 даана кольцо кабыл алынган. Жыйынтыгында, 3 (үч) даана кольцо жетпей калгандыгы аныкталды. Аталган ЖЧК менен түзүлгөн келишимде жана товардык накладнойдо суу бөлүштүрүү лотокторунун формалардын жана кольцолордун наркы жалпы түрүндө көрсөтүлүп (1 985 770 сом), кольцолордун баасы өзүнчө көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Жооптуу кызмат адамдар тарабынан (2580,3 мин сом) төмөнкүлөр калыбына келтирилсин: Темир-бетон заводунда **994,0 миң сомго** 142 тонна цемент; Асфальт-бетон заводунда баасы **378,8 миң сомдук** 1 даана контейнер; **663,4 миң сомдук** 4016 даана тротуар бордюрлары; **544,1 миң сомго** 1311 даана бордюр жана бааларын тактоо менен 3 (үч) даана кольцо. Жетпей калууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аймактык бөлүмдүн 2024-жылдын 13-майындагы №01-11/110 каты аркылуу жалпы 2580,3 миң сомго жетпей калуулар *УКМКнын Ысык-Көл областтык башкармалыгына* укуктук баа берүү үчүн жиберилгендиги эске алынсын.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, тастыктоочу иш кагаздары жок (авансттык отчеттору) жалпы **172,9 миң сом** акча каражаты чыгышталган ( 2022 жылы 111,2 миң сом жана 2023-жылы 61,7 миң сом).

**Сунуштама:** Жооптуу кызмат адамдары тарабынан тастыктоочу иш кагаздары жок чыгышталган жалпы **172,9 миң сом** акча каражаты калыбына келтирилсин.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Ишкананын жамааттык келишимине ылайык, эмгек өргүүсүн эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 118-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, муниципалдык ишкананын административдик башкаруучу кызматкерлерине 28 календардык күндөн ашык узартылган негизги өргүү берилген. Натыйжада, 2022-жылы календардык күндөрдүн көбөйүшүнө байланыштуу жалпы **75,5 миң сомго** (2022-жылы 19,4 миң сом, 2023-

жылы 56,1 миң сом) эмгек өргүү акысы негизсиз эсептелинген, камсыздандыруу төгүмдөрү (17,25%) **13,0 миң сом** (жалпы 88,5 миң сом).

Муниципалдык ишкананын эмгек акы төлөө жөнүндөгү Каракол шаарынын мэри тарабынан макулдашылып, ишкана жетекчиси тарабынан бекитилген Жобого ылайык ар бир чейректин аягында кызматкерлерге сый акы төлөө жагы каралган. Бирок, Жобонун 3.2-пунктунда сый акынын өлчөмү эмгек акы фондусунун үнөмдөлүүсүнөн жана кирешеден көз каранды экендиги көрсөтүлгөн. Ал эми, Жобонун 3.4-пунктунда сый акынын өлчөмү финансылык-чарбалык ишмердүүлүктүн жыйынтыгында тактала тургандыгы белгиленген. Ишкананын жамааттык келишиминин 4.8-пунктунда кызматкерлерге сый акы төлөө, кызматкерлердин чейректик эмгегинин жыйынтыгында жана белгиленген көрсөткүчтөрдүн негизинде жүргүзүлөөрү каралган. Бирок, МИде, кызматкерлерге сый акы төлөө, эмгек акы фондусунун каражаттарынын чыгымдарына жана үнөмдөлүшүнө, МИнин финансылык-чарбалык ишмердүүлгүнүн жыйынтыктарына баа берилбестен, кызматкерлерге жалпы **4849,3 миң сом** (2022-жылы 2574,3 миң сом, 2023-жылы 2275,0 миң сом) сый акылар төлөнүп берилген, камсыздандыруу төгүмдөрү **836,5 миң сом** (жалпы 5685,8 миң сом).

**Сунуштама:** Эмгек акыларын эсептөө (сый акы) Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана ишкана жетекчиси тарабынан бекитилген Жобонун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн. Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги белгиленсин.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 токтому менен бекитилген «Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартибинин” талаптарын бузууга жол берилген, сапар чыгымдары (жол кире) боюнча жалпы **32,2 миң сом** ашык эсептелип төлөнүп берилген (2022 -жылы 21,2 миң сом, 2023 -жылы 11,0 миң сом).

Мындан тышкары, иш сапар учурундагы жол кире чыгымдары тастыктоочу иш кагаздары жок, автобекеттерден алынган маалымкаттар аркылуу чегерилгендиги аныкталды.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 токтому менен бекитилген “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартибинин” талаптары так сакталсын. Жоопту кызмат адамдары тарабынан сапар чыгымдары боюнча ашык төлөнгөн жалпы **32,2 миң сом** калыбына келтирилсин (2022-жылы 21,2 миң сом, 2023 -жылы 11,0 миң сом).

**6.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, 2024-жылдын 1-январына карата бухгалтердик балансга жалпы баасы **11096,5 миң сомдук** 277 тонна 136 кг битум корлор катары көрсөтүлгөн эмес. Аудит учурунда муниципалдык ишкананын балансына корлордун көлөмүн 11096,5 миң сомго жогорулатуу боюнча тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлдү.

**Сунуштама:** Муниципалдык ишкананын балансына корлордун көлөмү өз убагында чагылдырылсын. Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**7.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандартына ылайык, киреше кардарларга убада кылынган товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү берүүнү чагылдырган ыкма менен таанылат, ал товарларды же кызмат көрсөтүүлөрдү жеткирүүчү талап кылган төлөмдү чагылдырат. Бирок, муниципалдык ишканасы тарабынан көрсөтүлгөн кызматтарга *(Асфальт-бетон аралашмасын сатууда)* болгон жыл аягындагы жалпы **266,0 миң сомдук** дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен жалпы 266,0 миң сомдук дебитордук карыздар эсеп боюнча калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Мындан ары, дебитордук карыздарды эсепте жашырууга жол берилбесин, тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилги каралсын.

**8.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Каракол шаардык жол чарба муниципалдык ишканасынын карамагындагы мүлктөрүнө жүргүзүлгөн каттоонун жыйынтыгында жалпы **3352,5 миң сомдук** техникалар жана жабдуулар балanska кабыл алынбагандыгы аныкталды. Анын ичинен: токардык станок 1865,5 миң сом; фрезардык станок 887,0 миң сом; ширетүүчү (сварка) 35,0 миң сом; цистерна (25м3) 150,0 миң сом; компрессор (дизель) 200,0 миң сом; компрессор дизель 200,0 миң сом; прицеп 15,0 миң сом. Аудит учурунда жалпы 3 352,5 миң сомдук негизги каражаттар муниципалдык ишканасынын балансына кабыл алынды.

*Мындан тышкары,* муниципалдык ишкананын бухгалтердик балансында асфальт-бетон чыгарган завод катталбагандыгы аныкталды *(Каракол шаардык муниципалдык мүлк башкармалыгынын реестринде да катталган эмес).* Белгилей кетүүчү жагдай, аталган завод 2023-жылы жаңы завод ишке киргенге чейин иштеп келген.

**Сунуштама:** Каракол шаардык муниципалдык мүлк башкармалыгы жана жол чарба муниципалдык ишканасы менен биргеликте тийиштүү комиссия түзүп, асфальт-бетон чыгарган заводдун калдык наркы тийиштүү эксперттердин катышуусунда аныкталып, ишкананын балансына кабыл алуу жагы камсыздалсын.

Муниципалдык ишканага тиешелүү мүлктөрү өз убагында балanska кабыл алынсын.

**9. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, жумуштан бошогон жана кабыл алынган учурда мурдагы эсепчилер жана жаңы эсепчилер тарабынан бухгалтердик иш кагаздарды өткөрүп-алуу өткөрүп-берүү иштери жүргүзүлбөгөндүгү аныкталды. Ошол себептен, МИнин 2022-жылдын 1-январынан 2023-жылдын 12-июнуна чейинки иш кагаздарына толук кандуу аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:** Муниципалдык ишкана тарабынан комиссия түзүлүп, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 12-июнуна чейинки материалдык жана банктык отчетторуна тактоо иштери жүргүзүлсүн, жыйынтыгы боюнча маалымат берилсин.

КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын бухгалтердик

эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобосунун талаптары так сакталсын.

**10. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптарын бузууга жол берилген, анын ичинен:

**1.** 2022-жылдын 6-апрелиндеги конкурсуна ылайык, жүк ташуучу унаа *(самосвал)* сатып алуу 6000,0 миң сомго пландалган. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен “Тоң Манжылы Сервис” ЖЧКсы менен 5900,0 миң сомго 4 жүк ташуучу “КАМАЗ” автоунааларын сатып алууга келишим түзүлгөн. Автоунааларды кабыл алуу комиссиясы тарабынан түзүлгөн 2022-жылдагы актысына ылайык, өткөрүлүп алынган 4 жүк ташуучу «Камаз» үлгүсүндөгү автоунаалардын техникалык абалы канааттандыраарлык эмес абалда болгон. Б.а. дөңгөлөктөрү жараксыз абалда, кабиналары капиталдык оңдоону жана аккумуляторлорун алмаштырууну талап кылат, автоунаалардын чыгарылган жылы 2005-жылдан жогору болуусу талабын эске албастан, 2004-жылкы VIN коду 651150B2072113, 1 даана КАМАЗ-65115 кабыл алынган, автоунаалар үчүн 4900,0 миң сом төлөнгөн. Түзүлгөн келишимдин жана төлөнгөн акча каражатынын ортосундагы айырма 1000,0 миң сом (5900,0-4900,0) кабыл алуу комиссиясынын актысында белгиленип, «Тон Манжылы Сервис» ЖЧКсынын макулдугу менен автоунаалардын кемчиликтерин оңдоо максатында кармалып калган. Жогорудагыларга байланыштуу, муниципалдык ишкана тарабынан «Тон Манжылы Сервис» ЖЧКсы келишимдин талаптарын аткарбагандыгына карабастан, ишенимсиз жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалымат базасына киргизүү жагы демилгеленген эмес.

*Сунуштама:* “Тоң Манжылы Сервис” ЖЧКсын мамлекеттик сатып алууларга катышуудан четтетүүнүн жана ак ниет эмес берүүчүлөрдүн жана консультанттардын маалыматтар базасына киргизүү демилгеленсин.

**2. Асфальт-бетон чыгаруучу заводун сатып алуу** боюнча:

а) 2022-жылдын 26-июнундагы №4576, конкурсунун документтерине ылайык, асфальт-бетон чыгаруучу заводун жана башка материалдык баалуулуктарды катышуусу чектелбеген методу менен сатып алуу пландалган. Сатып алуунун пландалган суммасы 50 000,0 миң сомду түзгөн. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгынын негизинде жалгыз катышуучу ЖЧК «Легал Компани» менен Муниципалдык ишкананын ортосунда 2022-жылдын 18-августунда *47 840 370 сомго* сатып алуу келишими түзүлүп, үнөмдөлгөн акча каражаты 2 159 630 сомду түзгөн. Асфальт-бетон чыгаруучу заводун сатып алуу боюнча конкурстук табыштамаларды ачуунун жыйынтыгы боюнча протокол түзүлүп, беш комиссия мүчөсүнүн эки мүчөсү тарабынан протоколго кол коюлган эмес. Сатып алуу процедураларынын протоколу түзүлгөн эмес (аталган типтүү тартибинин 31-33-пункттарында көрсөтүлгөн сатып алуу жоболору сакталган эмес).

б) муниципалдык ишкана тарабынан конкурсту өткөрүүдө сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин 15.1-пунктуна ылайык,

катышуусу чектелбеген конкурс берүүчүлөрдүн квалификациясына талаптарды жана/же товарга, жумуштарга, кызмат көрсөтүүлөргө карата коюлган техникалык талаптарды аныктоо максаты менен колдонулушу мүмкүн. Ал эми, 15.2- пунктуна ылайык, катышуусу чектелбеген конкурска катышууну каалаган берүүчүлөрдүн саны чектелбейт. Ошол эле учурда, эгерде квалификациялык жана техникалык талаптарга жооп берген бир эле табыштама келип түшсө, конкурс өттү деп эсептелет. Муниципалдык ишкананын 2022-жылга карата бекитилген Сатып алуулардын ички тартиптеринин 8-пунктуна ылайык, конкурстук документтерде коюлган кваликациялык талаптарга туура келбеген учурда, берүүчүнүн конкурстук табыштамасы четке кагыла тургандыгы белгиленген. Анын ичинен:

- 2022-жылы квалификациялык талаптарга туура келбеген «Легал Компани» ЖЧКсы менен келишим түзүлгөн, анда катышуучулар үчүн үчтөн кем эмес асфальт-бетон заводун куруу боюнча аткарылган иштери тууралуу келишимдерди берүү талабы коюлгандыгына карабастан, бир дагы аткарылган келишимдери камтылган эмес;

- 2023-жылдын август айында ВТ-9-300, 180 даана асбесцемент трубаларын катышуусу чектелбеген методу менен 1350 000 миң сомго сатып алуу пландалган. Конкурстун документтеринде сатылып алынуучу материалдардын спецификациялык талаптарына ылайык, сапатына болгон шайкештик сертифкаты болуусу тууралуу шарттары коюлган. Конкурска төмөнкү 2 (эки) катышуучу катышып, “Премиум Голд” ЖЧК 1309986 сом жана ЖИ Н.Кадырбеков 1332000 сом сунуштаган. Конкурстун жеңүүчүсү “Премиум Голд” ЖЧКнын ылдыйкы баадагы конкурстук тапшырыгы Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын 27-беренесинин 16-пунктунун 1- бөлүгүнө ылайык, жеңүүчү тарабынан билдирүүнү тастыктабагандыгынын же баш тарткандыгынын негизинде четтетилген. Ошол эле учурда, сатып алуулар протоколуна ылайык, аталган конкурстун жеңүүчүсү катары ЖИ Кадырбеков таанылган, “Премиум Голд” ЖЧКсына конкурстун женүүчүсү катары табылгандыгы тууралуу билдирүү жөнөтүлгөндүгү, келишим түзүүдөн баш тарткандыгы тууралуу билдирүүлөр конкурстун документтеринде катталган эмес. Муниципалдык ишкана тарабынан 2023-жылга карата бекитилген Сатып алууларды уюштуруу тартиптеринин 10-пунктуна ылайык, конкурстун женүүчүсү келишим түзүүдөн өзгөчө кырдаалдан тышкары учурлардан баш тарткан болсо ишкана ишенимсиз (ак ниет эмес) берүүчүлөрдүн (подрядчыларды) базасына киргизүүгө укуктуу. Бирок, Муниципалык ишкана тарабынан “Премиум Голд” ЖЧКсын ишенимсиз берүүчүлөрдүн базасына киргизүү сунушталган эмес.

Мындан тышкары, конкурстун квалификациялык талаптарында көрсөтүлгөн сатып алууга каралган товарлардын сапатына карата коюлган шайкештик сертификаты ЖИ Н. Кадырбеков тарабынан тапшырылган эмес. Ошол эле учурда, 2023-жылдын 27-августундагы №245 накладнойго ылайык, МИ тарабынан ЖИ Н.Кадырбековдон *1332,0 миң сомго* 180 даана мурда колдонулган асбесцемент трубалар өткөрүлүп алынган.

в) алдын ала рынокко талдоо жүргүзүүдө, берүүчүлөрдөн асфальт-бетон заводу боюнча келип түшкөн коммерциялык сунуштардын минималдык баасы менен МИ тарабынан заводдун болжолдуу наркы катары сунушталган суммасынын ортосунда келип чыккан (42311700 болжолдуу сунушталган-17577000 минималдык сумма) *24734,7 миң сомг*о айырма сатып алуунун наркын пландоодо эске алынган эмес. Ошону

менен бирге, сатылып алынган асфальт-бетон заводунун жана рынокко талдоо жүргүзүүдө берүүчү “AMIX GROUP CO LTD” компаниясынын коммерциялык сунушундагы келтирилген асфальт заводунун техникалык, функционалдык, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн шайкештиктигине, ошондой эле сапаты жагынан айырмачылыгына атайын даярдыктагы адистердин талдоосу талап кылынгандыгына байланыштуу, сатып алуунун пландалган наркын аныктоодо финансылык каражаттарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максаттарынын сакталышы жагы талдоого алынган жок.

г) сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтуу тартибинин 4-бөлүмүнүн жоболоруна ылайык, тапшырыкчы пландалган мезгилге сатып алуулардын планын түзөрү белгиленген. *Бирок, асфальт-бетон заводу 2022-жылга карата бекитилген сатып алуу планында камтылган эмес.*

д) келишимдеги айрым жабдуулардын жана товарлардын белгиленген баасы менен накладнойлордо көрсөтүлгөн баалардын ортосунда келип чыккан айырмасы *2752,6 миң сомду* түзгөн. Анын ичинен: келишимде 10 контейнердин баасы 22100 доллардах83 (курсу менен) 1 834 300 сомду түзгөн болсо, накладнойдо 11 контейнердин баасы 48730 доллар х 85.5 = 4 166 415 сомду түзүп айырмасы (4166415-1834300) = 2 332 115 сомду түзөт, келишимде трансформатор ТМ-400 баасы 11800х83=979400 сомду түзгөн болсо, накладнойдогу баасы 1 050 000 сомду түзүп, айырмасы (1 050 000-979400)=70600 сомду түзөт, келишимде каралган жабдууларды ишке киргизүү жумуштарга карата болгон баа 47 600 доллар х 83,0= 3 917 600 сомду түзгөн болсо накладнойдогу баасы 4 267 455 сомду түзүп айырмасы (4267455-3917600) = 349 855 сомду түзөт.

ж) 2022-жылдын 18-августуна карата Улуттук Банк тарабынан коюлган доллардын сомго карата болгон курсу 81.00 сом болгон, бирок, МИ тарабынан “Легал Компани” ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимде доллардын сомго болгон курсу 83.00 сомдон белгиленген. Ошол эле учурда, жогорудагы көрсөтүлгөн накладнойлорго ылайык, айрым жабдууларга болгон доллардын баасынын курсу 85,5 сомдон, транспорттук чыгымдарга 86,5 сомдон белгиленген. Жыйынтыгында, битумдук цистерналарга, АБЗ заводуна жана транспорттук чыгымдарга карата болгон наркынын салыштырмалуу айырмачылыгы *2260,0 миң сомду* түздү.

з) айрым товарларга төлөнбөй калган кошумча нарк салыгы (трансформатор 1050000 сом, битум цистерналары 6463800 сом, КТП 250000 сом, кабель 280000 сом= 8043800 сом х 12%) *965,3 миң сомду* түздү. Аудиттен кийин 2024-жылдын 16-майындагы №0880175 счет-фактурасынын негизинде калыбына келтирилди.

**3. Бетон заводу боюнча:**

а) 2022-жылдын 20-сентябрындагы №5820 конкурсунун документтерине ылайык, бетон чыгаруучу заводун жана башка материалдык баалуулуктарды катышуусу чектелбеген методу менен 38200,0 миң сомго сатып алуу пландалган. Өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгынын негизинде катышуучу ЖЧК «Продакшн Сервис» менен Муниципалдык ишкананын ортосунда 2022-жылдын 4-октябрында *34 305 669 сомго* сатып алуу келишими түзүлүп, үнөмдөлгөн акча каражаты 3 894 331 сомду түзгөн. Муниципалдык ишкана сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн пландык наркын аныктоо үчүн рынокко талдоо жүргүзүү максатында берүүчүлөрдөн коммерциялык сунуштарды кабыл алган. Аталган

сунуштардын арасынан бетон заводуна болгон минималдык баа Camelway Machinery Manufakture CO LTD компаниясы тарабынан берилип, наркы 56 000 долларды же 4 760 000 сомду түзгөн. Ал эми, Муниципалдык ишкана тарабынан аталган заводдун коюлган пландык баасы 24 000 000 сомду түзгөн.

2022-жылдын 20-сентябрында өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы менен алдын ала рынокко талдоо жүргүзүүдө, берүүчүлөрдөн бетон заводу боюнча келип түшкөн коммерциялык сунуштардын минималдык баасы менен МИ тарабынан заводдун болжолдуу наркы катары сунушталган суммасынын ортосунда келип чыккан (24000000 болжолдуу сунушталганы-4760000 минималдык сумма) *19240,0 миң сомго* айырма сатып алуунун наркын пландоодо эске алынган эмес. Ошону менен бирге, сатылып алынган бетон заводунун жана рынокко талдоо жүргүзүүдө берүүчү “Camelway Machinery Manufakture CO LTD” компаниясынын коммерциялык сунушундагы келтирилген бетон заводунун техникалык, функционалдык, өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүнүн шайкештиктигине, ошондой эле сапаты жагынан айырмачылыгына атайын даярдыктагы адистердин талдоосу талап кылынгандыгына байланыштуу сатып алуунун пландалган наркын аныктоодо финансылык каражаттарды натыйжалуу жана үнөмдүү пайдалануу максаттарынын сакталышы талдоого алынган жок.

б) Сатып алуу процедураларынын протоколуна ылайык, конкурстун жеңүүчүсү “Продакшн Сервис” ЖЧКсы тарабынан берилген конкурстук тапшырыктын жалпы баасы 34505069 сомду, келишимде 34305669 сомду түзгөн. Ошол эле учурда, конкурстук тапшырыкта көрсөтүлгөн айрым материалдык баалуулуктарга көрсөтүлгөн баа менен сатып алуу келишиминдеги материалдык баалулуктардын баасынын ортосунда *3790,1 миң сомго* айырма аныкталды. Анын ичинде: конкурстук тапшырыкта автотаразанын баасы 2313024 сомго көрсөтүлүп, ал эми, келишимде 3612000 сомду түзүп, айырмасы 1298976 сом болгон, козловой кран конкурстук тапшырыкта 2935968 сомго көрсөтүлсө, келишимде 4680600 сомду түзүп, айырмасы 1744632 сом болгон, иштетүүгө киргизүү, жеткирүү кызматтары тапшырыкта 4852633 сомдо көрсөтүлүп, келишимде 5599169 сомду түзүп, айырмасы 746536 сом болгон.

в) *бетон заводу 2022-жылга карата бекитилген сатып алуу планында камтылган эмес.*

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин” талаптары так сакталсын. Тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор А.О. Аллабердиев, К.С.Шабралиев, К.Б. Токтомамбетов, Н.М. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

Аудиттин жыйынтыгы боюнча Каракол шаардык мэриясы тарабынан төмөнкүлөр боюнча жоопкерчиликтери каралсын:

- жергиликтүү бюджет боюнча киреше бөлүгүнүн толук аткарылышына көзөмөл жүргүзүлсүн. (2022-жылга салыктык төлөмдөрү төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча аткарылган эмес: милдеттүү түрдө патенттин негизинде салыгы77,7 миң сомго (84,2 %), ыктыярдуу түрдө патенттин негизинде салыгы 10530,6 миң сомго (51,0 %), кыймылсыз мүлккө салыгы (III-топтогу) 454,7 миң сомго (37,3 %). 2023-жылга салыктык жана салыктык эмес төлөмдөрү төмөндөгү көрсөткүчтөр боюнча аткарылган эмес: киреше жана пайда салыгы 670,1 миң сомго (99,8 %); салыктык агент тарабынан төлөнүүчү киреше салыгы 9261,3 миң сомго (96,8 %), ижара акылары 573,5 миң сомго (91,8 %), табигый ресурстарын пайдаланууга төлөм 538,8 миң сомго (92,0 %), калктуу конуштун жерлерине ижара 1337,5 миң сомго (80,0 %), мүлктүн ижарасына төлөмдөр 34,7 миң сомго (89,6 %)). Жергиликтүү бюджет боюнча киреше бөлүгүнүн толук аткарылбашына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги;

- Каракол шаардык муниципалдык мүлк башкармалыгында долбоордук сметалык иш кагаздарын экспертизадан өткөрбөстөн курулуш иштерин жүргүзүүгө жол берген мэриянын жана шаардык муниципалдык мүлк башкармалыгынын тиешелүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын. Муниципалдык ишкананын балансына корлордун көлөмүн өз убагында чагылдырбаган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги;

- Каракол шаары боюнча курулуш иштери жүргүзүлгөн объектилерде курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатууга жол берген тиешелүү кызмат адамдарынын жана техникалык көзөмөлдөөчүлөрдүн жоопкерчилиги.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө, шаардык Кеңештин төрагасына - Отчет;
- Каракол шаардык мэриясына – Отчет, Жазма буйрук;
- аудит жүргүзүлгөн мекемелердин, ишканалардын жетекчилерине аудиттин жыйынтыгы жөнүндөгү Жазма буйруктар, Сунуштар жөнөтүлсүн.

**Мамлекеттик инспектор** **Р.С. Иманбаев**